# МУНИЦИПАЛИТЕТ

**ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ** | АПРЕЛЬ **2020** | **№ 4 (102) чыгарылышы**

Муниципалитет – бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

БУЛ САНДА:

## Көңүл чордонунда

Пандемия менен күрөштө жергиликтүү бюджеттерди кыскартуу ЖӨБ органдарын алсыратат ………………… 2

КР ЖӨБ Союзунун жана Өнүктүрүү саясат институтунун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджеттик резолюциясына берген сунуштары ………………………………… 5

Швейцариялык долбоор Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарынын муниципалитеттерине жардам берди ……………………………………… 8

## ЖӨБдүн эл аралык тажрыйбасы

Пандемия шартында Латвия – Кыргызстан онлайн байланышта ……………………………… 10

## Юридикалык кеңеш

Кыргыз Республикасындагы өзгөчө кырдаал жана өзгөчө абал режиминде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары …………..16


Өзгөчө кырдаал шартында Кыргыз Республикасынын аймагында COVID-19 коронавирус илдетинин жайылышын болтурбоого жана аны менен күрөшкө байланышкан мамлекеттик сатып алууларды өткөрүү ……………………… 19

## Жергиликтүү демилге

Аламүдүн айылдык аймагы калктын бош убактысын уюштуруу боюнча жашоочулардын демилгесин колдоп, каржылык колдоо көрсөттү …………………… 20

## ЖӨБ Союзунун жана ӨСИнин жаңылыктары

Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар союзу 2020-2025-жылдарга жаңы Стратегияны даярдап жатат …………..28




Designed by articular / Freepik

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Нургүл Жаманкулова***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***
Дизайн жана жасалгалоо
***Адил Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***
Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.
**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.
Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт.
Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.
**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үмөталиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**

***"Муниципалитет" журналынын ушул санын даярдап жаткан маалда дем берүүчү гранттар өлкөнүн бюджетине кайтарылганы белгилүү болду! Жергиликтүү бюджеттерди коргоп калууга жардам берген КР ЖК депутаттарына, ошондой эле жигердүү позицияны ээлеген ЖӨБ органдарынын өздөрүнө да ыраазычылыгыбызды билдиребиз.***

# Пандемия менен күрөштө ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТЕРДИ КЫСКАРТУУ ЖӨБ органдарын алсыратат




Сүрөттө: КР финансы министри Б. ЖЕЕНБАЕВА, сүрөт КР ЖК сайтынан алынды

Кыргыз Республикасындагы мектептердин бери дегенде жарымында таза сууга туруктуу жеткиликтүүлүк болсо да[1], жаңы окуу жылына карата мектептерде жана бала бакчаларда санитардык коопсуздукту камсыз кылууга жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында ресурстар жок. Кырдаал мындан да начарлашы ыктымал. Себеби КР Өкмөтү КР Жогорку Кеңешине ЖӨБ органдарына берилген грантты 15 пайызга же дээрлик 600 миллион сомго кыскартууну сунуш кылды.

КР Жогорку Кеңеши республикалык жана жергиликтүү бюджеттерге өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам долбоорун кароодо. Кирешелер кыскарып жаткан шартта чыгашаларды да азайтыш керек болууда.

***ЖӨБ органдары үчүн дем берүүчү гранттарды каржылоонун структурасы, 2018-2019-ж.ж. жыйынтыгы боюнча орточо алганда, пайыздар менен***




Булагы: http://www.minfin.kg/

[1] Туруктуу өнүктүрүү максаттарына жетүү тууралуу Улуттук ыктыярдуу сереп долбоорунун маалыматтарына ылайык.



## Кенжебек БОКОЕВ, КР ЖК депутаты:

**«Бюджеттен 600 миллион сом көлөмүндө дем берүүчү грантты каржылоону алып салууга байланыштуу көпчүлүк айыл өкмөттөрдөн жамааттык кайрылуулар түшүп жатат. Өкмөт бул маселени премьер-министрдин деңгээлинде кайрадан карап чыгып, бул акчаны бюджетте калтырышын талап кылабыз. Анын үстүнө ЖӨБ органдары берген бардык долбоорлор райондордун деңгээлинде жактырылды. Бул каражатты социалдык объекттерди каржылоо үчүн калтыруу зарыл деп эсептейбиз.**

**Ошондой эле муктаждарга азык-түлүк баштыгы түрүндө эмес, акчалай жардам берүү туура болот деп ойлойм. Жеринде кандай азык-түлүк керек экенин бизге караганда жакшы билишет. Бардык өнүккөн өлкөлөрдө баштык түрүндө эмес, акчалай жардам беришүүдө. Коррупция болушу мүмкүн деген шылтоо суу кечпейт. Анткени бул азык-түлүк баштыктарын сатып алуу процессинде да жемкорлуктун белгилери байкалууда. Айлык, пенсия албай, күнүмдүк кирешесинен куру калгандарга өзгөчө көңүл бурууну өтүнөм. Айыл өкмөтүндөгү техникалык жана кенже тейлөөчү кызматкерлердин маянасы 2500 сомдон 5 миң сомго чейин көтөрүлдү дедиңер. Бирок жер-жерлерде бул маяна мурдагыдай эле көлөмдө кала берген.**

**Укуктук көз караштан алганда бул мыйзам долбоору КР Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар союзу менен макулдашпастан, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” (8-берене), “Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндө” (21-берене), “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө” (47-берене) КР мыйзамдарынын талаптарын бузуу менен КР Жогорку Кеңешинин кароосуна жиберилген. Акыркы мыйзамга ылайык (49-берене) мыйзам долбоорун Жогорку Кеңеш КР Өкмөтүнө кайтарышы керек».**

“Жаргылчакта” жергиликтүү бюджеттер да калчудай. Сөз дем берүүчү гранттарды каржылоону токтотуу тууралуу болуп жатат. Бул гранттар жергиликтүү жамааттар үчүн маанилүү болгон объекттердин курулушун же капиталдык ремонтун кошо каржылоо үчүн республикалык бюджеттен ЖӨБ органдарына берилип келчү.

Жергиликтүү бюджеттердин секвестринен кийин кайсы объекттер каржыланбай турганы жөнүндө маалымат ачык булактарда жок. Бирок өткөн жылдардагы маалыматтар көрсөткөндөй, мындай объекттердин бери дегенде жарымы – бул мектептер, бала бакчалар жана саламаттык сактоо объекттери. Болжол менен бештен бири – инженердик инфраструктура объекттери, ага суу менен жабдуу жана суу бөлүштүрүү системалары, таштанды полигондору кирет. Бул объекттердин баары талаптагыдай абалда болушу керек, себеби алар жарандардын эпидемиологиялык коопсуздугуна таасирин тийгизет.

Бул объекттердин абалы калктын эң аярлуу катмарларынын, анын ичинде балдардын жана аялдардын абалы үчүн чоң мааниге ээ. Ошол себептен бюджеттин бул беренесинин секвестри гендердик теңдикке терс таасирин тийгизет.

Буга чейин белгилүү болгондой, мектептердин 48,1 пайызында гана таза сууга жеткиликтүүлүк бар; мектептердин 19,7 пайызында ички санитардык түйүндөр бар; мектептердин 20,9 пайызында ысык суу менен жабдууга жеткиликтүүлүк бар.



## Искандер ГАЙПКУЛОВ, КР ЖК депутаты:

**«Жергиликтүү бюджеттерди 2 миллиард сомго жана дем берүүчү грантты 600 млн. сомго кыскартуу маселесине көңүлүңөрдү бургум келет. Бул жагы кандай болуп калды? Пандемия маалында калк менен иш алып барууда негизги оор жүк айыл өкмөтүнүн мойнуна түштү, күрөш алардын күчү менен ишке ашып жатат. Эгерде биз алардын бюджеттерин кыскартып салсак, алар кантип иштешет? КР Өкмөтүнө жергиликтүү бюджеттер жөнүндө маселени өзүнчө кайра карап чыгууну сунуш кылам. Мамлекет дем берүүчү гранттарга 600 миллион сом бөлө турганын, ал эми 30 пайызын (200 миллион сомду) өз салымы катары эл өзү чогултарын белгилеп кетким келет».**



## Гүлмайрам УЧУГЕНОВА, АӨ башчысы:

**«Дем берүүчү грант дотацияда турган муниципалитеттер үчүн олуттуу колдоо болчу. Бирок азыр КР Жогорку Кеңеши аны кыскартууну ойлонуп жатат. ЖӨБЭММА жана ЖӨБ Союзу бул каражатты кыскартпоо тууралуу айыл өкмөттөрдүн атынан кайрылса жакшы болмок. Анткени сөз ооруканаларды, ФАПтарды, бала бакчаларды жана мектептерди оңдоого багытталган долбоорлор тууралуу болуп жатат. Булар дайыма артыкчылыктуу маселе болушу керек. Ооруканалар жана ФАПтар бардык учурларда ченемдерге жана талаптарга шайкеш келиши керек. Эпидемия күтүүсүз пайда болот экен – коронавирус муну тастыктап турат. Азыр жок дегенде жергиликтүү калк алгачкы жардамды ала турган медициналык объекттерди колдошсо болмок. Бүгүнкү күндө айыл өкмөтү калкты жеринде тейлөө үчүн өзүнө жоопкерчилик алууга мажбур болууда, биз КР Өкмөтүнүн функцияларын кыңк этпестен аткарып келатабыз. Бирок бизге мамлекеттик ыйгарым укуктар расмий өткөрүлүп берилген да эмес, бул үчүн каражат да бөлүнгөн эмес. Мисалы, эгерде Билим берүү министрлиги жана Саламаттык сактоо министрлиги өз объекттерин өздөрү тейлешсе, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ооруканалар, бала бакчалар жана мектептер үчүн дем берүүчү грантты сурамак эмес. Биз пандемиянын кесепеттерин жоюу боюнча иштерди жасабайбыз деген жокпуз да! Биз иштегенге даярбыз. Атүгүл дем берүүчү гранттар менен иштөөдө кошумча салым үчүн акча каражатын да таптык. Пандемия башталгандан бери дарыгерлер жана милиция кызматкерлери менен бир катарда, күнү-түнү күзөттө турдук, транспорттун жана адамдардын ары-бери жүрүүсүн көзөмөлдөп жаттык, объекттерди кыдырып, дезинфекциялоо иштерин жүргүзүп турдук. Эч кимди кекетпей эле, компенсация сурабай эле милдетибизди аткарып жаттык. Өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө келишимдерге кол койгондон кийин Мамлекеттик салык кызматынан, Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинен, Мамлекеттик каттоо кызматынан каражат алган жокпуз. Тилекке каршы, теңдештирүүчү гранттардын каражатын кыскартып салганына көп эле болгон. Бул чечимге да баш ийүүгө мажбур болдук. Анда жок дегенде ушул дем берүүчү гранттарды калтырып коюшпайбы? Анткени дем берүүчү гранттардын каражаты туруктуу долбоорлор аркылуу жергиликтүү калктын көйгөйлөрүн чечүүгө багытталат. Албетте, жергиликтүү бюджеттерден өз кирешебизди алуунун үстүнөн иш алып барабыз. Бирок бул акча калктын күнүмдүк маселелерин чечүүгө жетпейт. Биздин муниципалитет дем берүүчү грант албаса да, бардыгы үчүн бул грантты сактап калуу маанилүү маселе».**

ЖӨБ органдарынын билим берүү объекттерин – жалпы билим берүүчү мектептердин жана жарым-жартылай бала бакчалардын – талаптагыдай санитардык абалын камсыз кылууга финансылык жөндөмдүүлүгү терең тынчсызданууну жаратат. Көпчүлүк элеттик мектептерде ичүүчү суу күнүнө 3-5 саатка гана берилет, дээрлик бардык жерде канализация жок, кол жуучу жайлар тартыш, ысык суу жок. Жергиликтүү бюджеттерге карата жалпы кырдаалды эсепке алуу менен, ЖӨБ органдары 2020-жылдын жай мезгилинде бул маселелерди чечип, жаңы окуу жылына карата окуучулардын эпидемиологиялык коопсуздугун камсыз кылганга жетишери шек туудурат.

Дүйнөдөгү көпчүлүк өлкөлөрдүн бийлиги азыркыдай кырдаалда ЖӨБ органдарына олуттуу колдоо көрсөтүп жатышат. Бул өлкөлөрдүн бийлиги ЖӨБ органдары кырдаалга чукул реакция жасоого даяр болсо, экономиканы “ойгото алса”, жарандарга маалымат жеткирип, колдоп турса, мындан жалпы улуттун бакубатчылыгы өтө көз каранды экенин түшүнүп жатышат. Өкмөттөр ЖӨБ органдарына пайызсыз зайымдарды, колдоочу трансферттерди жана инвестициялык салымдарды берүүдө. Тилекке каршы, Кыргызстанда өкмөт тескерисинче, ансыз да араң жан жергиликтүү бюджеттерди алсыратууну пландап жатат. ЖӨБ органдары башкаруу системасынын элге эң жакын бөлүгү, бирок анын эпидемияга каршы туруу мүмкүнчүлүгү чектелгени жатат.

Балким КР Өкмөтүндө ЖӨБ органдарын колдоо, эпидемияга байланыштуу жоготуулардын ордун толуктоо боюнча өз пландары бар болгон чыгаар. Дем берүүчү гранттарды алып салгандан тышкары, жергиликтүү бюджеттерге салыктык жана салыктык эмес кирешелердин түшпөй калганынан улам жоготуулар 2 миллиард сомду же алардын жалпы көлөмүнөн 10 пайыздан ашыгын түзүшү мүмкүн. Бирок бул пландар тууралуу азырынча эч нерсе белгисиз.

# КР ЖӨБ Союзу жана Өнүктүрүү саясат институту Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджеттик резолюциясына берген сунуштар

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БЮДЖЕТТИК РЕЗОЛЮЦИЯСЫНЫН долбооруна СУНУШТАР

"Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар союзу" ЮЖБ (мындан ары – ЖӨБ Союзу)[1] жана Өнүктүрүү саясат институту" КБ (мындан ары – ӨСИ)[2] "Кыргыз Республикасынын 2021-жылга Бюджеттик резолюциясы жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө" долбоорун карап чыгып, төмөнкүлөрдү билдирет.

Бюджеттик резолюциянын бул долбоору буга чейинки Бюджеттик резолюциялардан олуттуу түрдө айырмаланат. КР бюджеттик системасын өнүктүрүүнүн башка маселелери менен катар, бул документ жакынкы жылдары чечилиши керек болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруу тутумундагы маанилүү көйгөйлүү маселелерди да камтыйт. Мындан тышкары Бюджеттик резолюцияда "КРда бюджет аралык мамилелерди өнүктүрүү" темасында өткөн парламенттик угуулар маалында ЖӨБ Союзу жана ӨСИ берген көптөгөн сунуштар да эсепке алынган.

Бирок практика көрсөткөндөй, КР Өкмөтү жана Жогорку Кеңеши республикалык бюджетти түзүп жана кабыл алып жатканда ЖӨБ органдарынын кызыкчылыктарын, чыныгы муктаждыктарын көп жакшы эске албайт. Бул болсо ЖӨБ органдарын каржылоодо дисбалансқа алып келип, ЖӨБ органдары алдына коюлган милдеттерди эффективдүү чече албай кыйналышат. Бюджеттик процессте ЖӨБ менен борбор ортосунда конструктивдүү диалогдун жоктугу төмөнкүдөй көйгөйлөрдү жаратууда:

- финансылык децентралдаштырууда;
- ЖӨБ деңгээлине өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды каржылоодо;

---

1 "Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар союзу" юридикалык жактардын бирикмеси мүчөлүк уюм болуп эсептелинет. Бул уюм КР ЖӨБ органдарын бириктирип турат жана өлкөдөгү ЖӨБ органдарынын жалпы позициясынын жалгыз легитимдүү өкүлү болуп саналат.

2 "Өнүктүрүү саясат институту" мекемеси – жергиликтүү жамааттарды жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын өнүктүрүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасындагы алдыңкы жергиликтүү коммерциялык эмес бейөкмөт уюм.

- жергиликтүү бюджеттерди теңдештирүүдө;
- жөнгө салынган кирешелерди бөлүштүрүү саясатында;
- дем берүүчү гранттарды бөлүп берүүдө;
- жергиликтүү бюджеттердин кирешелерин пландоодо;
- капиталдык салымдардын ички инвестициялык долбоорлорун бөлүштүрүүдө.

КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 10-мартындагы №116 токтому менен кабыл алынган 2016-2019-жылдарга Кыргыз Республикасында бюджет аралык мамилелерди өнүктүрүү концепциясында бюджет аралык мамилелер системасын өркүндөтүүнүн, аны реформалоонун жана натыйжалуулуктун жаңы деңгээлине чыгаруунун бир катар прогрессивдүү жолдору сүрөттөлгөн. Тилекке каршы, Концепциядагы көпчүлүк тапшырмалар аткарылбаган бойдон кала берди.

Кыргыз Республикасынын Президентинин буйруктарына, Өкмөттүн күч-аракеттерине жана 2019-жылы көрүлгөн чараларга карабастан, акыркы алты жылдан бери жергиликтүү жана республикалык бюджеттердин жалпы кирешесинде жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин үлүшү стагнация абалында кала берүүдө, республикалык бюджеттин кирешелери туруктуу темп менен өсүп жатса да, жергиликтүү бюджеттерде бул көрүнүш байкалган жок. Бул демек жергиликтүү жана республикалык бюджеттердин ортосундагы кирешелерди бөлүштүрүүдө аймактарды өнүктүрүүгө карата өлкөнүн артыкчылыктары эч эсепке алынбай турганын билдирет. Натыйжада ЖӨБ органдарына өз функцияларын жана өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды сапаттуу аткаруу үчүн ресурстар жетпей жатат.

**2020-жылдын жаз мезгилиндеги COVID-19 пандемиясына байланышкан окуялар ЖӨБ органдарынын бир катар көйгөйлөрүн ачыкка чыгарды. Бул көйгөйлөр республикалык жана жергиликтүү бюджеттер ортосундагы чыгаша милдеттенмелери бөлүштүрүлүп бүтпөй калганын, ошондой эле жалпысынан бюджет аралык мамилелерде кемчиликтер бар болгонун тастыктады.**

Мисалы, ӨСИ 2020-жылдын апрель айында кырдаалга жасаган анализи көрсөткөндөй, эпидемиологиялык иш-чараларды жана жарандардын обочолонуусун каржылоо боюнча тапшырмаларды ири, дотацияда турбаган ЖӨБ органдары аткарып жатат. Бирок бул максатка жумшалган чыгымды бюджетинин көлөмүнө жана теңдештирүүчү гранттын болуп-болбогонуна карабастан бардык ЖӨБ органдары көтөрүүгө мажбур. ЖӨБ огандары өз каражаттарынын эсебинен төмөнкүлөрдү каржылоодо:

- дезинфекциялоо үчүн хлору бар препараттарды сатып алууну;
- дезинфекциялоо үчүн күйүүчү-майлоочу материалдарды сатып алууну;
- коргонуучу костюмдарды, беткаптарды, антисептиктерди, тепловизорлорду, коргоочу көз айнектерди сатып алууну;
- калктын аярлуу катмарларына материалдык жардам көрсөтүүнү (ун, кумшекер, өсүмдүк майын ж.б. сатып алууну);
- өткөрмө бекеттер үчүн вагондорду жана боз үйлөрдү уюштурууну.

Бул чыгашалардын бир бөлүгүн ЖӨБ органдарынын өз иш-милдети деп айтууга болбойт. Мисалы, саламаттык сактоо кызматкерлери үчүн коргонуучу каражаттарды сатып алуу жана жапырт материалдык жардам көрсөтүү ЖӨБдүн функциясына кирбейт.

Саламаттык сактоо объекттерин COVID-19 жуктургандарды дарылоого даярдоо иштерин камсыз кылуу боюнча ЖӨБ органдарынын финансылык жөндөмдүүлүгү өзгөчө тынчсызданууну жаратууда. Жергиликтүү бюджеттерден каржыланган айрым Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун айланасында түзүлгөн кырдаал бир нерсени көрсөттү: КР Саламаттык сактоо министрлигинин карамагында турган жана ЖӨБ органдарынын карамагында турган объекттердин материалдык-техникалык жабдылышындагы олуттуу айырмачылыктар дарыгерлерге жана алардын үй-бүлөлөрүнө да, коомго да терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Жалпысынан Кыргыз Республикасында көпчүлүк ЖӨБ органдары муниципалдык менчикте турган саламаттык сактоо объекттеринин айрым чыгымдарын каржылоону улантууда.

ЖӨБ органдарынын билим берүү объекттерин – жалпы билим берүүчү мектептердин жана жарым-жартылай бала бакчалардын – талаптагыдай санитардык абалын камсыз кылууга финансылык жөндөмдүүлүгү терең тынчсызданууну жаратат. Көпчүлүк элеттик мектептерде ичүүчү суу күнүнө 3-5 саатка гана берилет, дээрлик бардык жерде канализация жок, кол жуучу жайлар тартыш, ысык суу жок. Жергиликтүү бюджеттерге карата жалпы кырдаалды эсепке алуу менен, ЖӨБ органдары 2020-жылдын жай мезгилинде бул маселелерди чечип, жаңы окуу жылына карата окуучулардын эпидемиологиялык коопсуздугун камсыз кылганга жетишери шек туудурат. Ошол эле маалда билим берүү функциясы жергиликтүү мaанидеги маселе болуп саналбайт, ал ЖӨБ органдарынын өз функциясына кирбейт. Бирок учурда иш жүзүндө бийлик жана коом балдардын ден соолугу жана өмүрү үчүн жоопкерчиликти ЖӨБ органдарына жүктөп койгону жатышат. Себеби COVID-19 вирусунун жайылуу коркунучу 2020-жылдын сентябрына чейин толугу менен жоголот деген кепилдик жок. Көңүлүңүздү бир жагдайга бургубуз келет: 2018-2020-жылдары КР Өкмөтү жалпы билим берүүчү мектептердин имараттарын мамлекеттик менчикке – КР Билим берүү министрлигинин башкаруусуна өткөрүп берүү тууралуу маселени караган, бирок кабыл алынган чечимдерге жана саясий эркке карабастан бул маселе чечилбей кала берген.

Жогоруда баяндалгандарды эсепке алуу менен,

2021-2023-жылдарга КР Бюджеттик резолюциясына төмөнкү маселелерди кошууну сунуш кылабыз.

Саламаттык сактоо жана билим берүү объекттерин каржылоону республикалык бюджетке токтоосуз өткөрүп берүү же республикалык жана жергиликтүү бюджеттер ортосундагы жалпы республикалык салыктарды бөлүштүрүү системасын өзгөртүү зарыл.

Мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2019-жылдын 17-октябрындагы 3296-VI токтомуна ылайык так бөлүштүрүп, республикалык бюджет менен жергиликтүү бюджеттер ортосундагы чыгаша милдеттенмелерин, анын ичинде саламаттык сактоо, билим берүү чөйрөлөрүндөгү милдеттенмелерин, ошондой эле өзгөчө кырдаал жана өзгөчө абал киргизилген шарттардагы милдеттерин так аныктап алуу зарыл.

Буга чейин кабыл алынган КРда бюджет аралык мамилелерди өнүктүрүү концепциясы эмне үчүн аткарылбай калганына анализ жасап, кийинки орто мөөнөттүү мезгилге жаңы концепцияны иштеп чыгуу зарыл.

Жергиликтүү бюджеттердин өсүш ыргагын республикалык бюджеттин өсүш ыргагына шайкеш келишин камсыз кылуу зарыл.

Өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын, анын ичинде өзгөчө кырдаал жана өзгөчө абал учурунда берилген ыйгарым укуктардын, ошондой эле саламаттык сактоо, билим берүү жана социалдык өнүктүрүү чөйрөлөрүндөгү ыйгарым укуктардын баасын аныктоо методикасын өркүндөтүү зарыл.

Жалпы мамлекеттик кирешелерден чегерүүлөрдүн нормативдерин айыл аймактардын топтору боюнча дифференцияланган аныктамасынын механизмин киргизүү зарыл. Ага кошуу бул аймакта салык базасынын кайсы түрлөрү басымдуулук кылганына жараша болот. Мисалы, формалдуу соода болбогон жана киреше потенциалы киреше салыгынан көз каранды болгон ЖӨБ органдарынын топтору үчүн дал ушул салыкты артык кылып койсо болот. Ал эми формалдуу соода өнүккөн жана жеке ишкерлердин саны көп болгон ЖӨБ органдары үчүн сатуудан алынган салыкты артык кылып коюуга болот.

ЖӨБ органдарынын структурасын камсыз кылып, алардын функцияларын адекваттуу кылуу максатында ЖӨБ органдарына штаттык санды бекитүү боюнча ыйгарым укуктарды өткөрүп бериш керек. Муниципалдык кызматчылардын санын эч жүйөсүз көбөйтүү көрүнүшүн болтурбоо үчүн штаттык санды максималдуу жана минималдуу деп белгилеп коюш керек. Бул чекти карманып, ЖӨБ органдары зарыл болгон штаттык ырааттаманы өздөрү эле түзүп, беките алышат.

КР Өкмөтү КР ЖӨБ Союзу менен биргеликте КР Бюджеттик резолюциясынын 29-беренесине өзгөртүүлөрдү даярдап, КР Жогорку Кеңешинин кароосуна бериши керек. Бул өзгөртүүлөр ички бюджеттик инвестицияларды (капиталдык салымдарды) программалык негизде бюджеттөөнүн принциптерине шайкеш пландалышын камсыз кылат. Ошондой эле ЖӨБ органдары өздөрүнүн Экономикалык жана социалдык өнүктүрүү программаларын, пландарын жана жергиликтүү бюджеттердин болжолун жүйөлүү иштеп чыгышы үчүн маалыматтын ачык-айкындуулугун камсыздайт.

Өзгөчө статусу бар трансчек аралык аймактарды өнүктүрүү боюнча программалардын ишке ашырылышына анализ жүргүзүп, кийинки орто мөөнөттүү мезгилге жаңы программаны даярдоо зарыл.

Бюджеттик резолюциянын сунушталган текстине карата төмөнкүдөй редакциялык өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунуш кылабыз.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 8-январындагы №1 “2020-жылды Аймактарды өнүктүрүү, өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдоо жылы деп жарыялоо жөнүндө” Буйругун ишке ашыруу максатында “2021-2023-жылдарга Кыргыз Республикасынын бюджеттик саясатынын негизги багыттары” аттуу I бөлүмдөгү жалпы мамлекеттик программаларды жүзөгө ашырууда жана бюджеттик камсыздалгандыкты теңдештирүү саясатын жүргүзүүдө жергиликтүү бийлик органдарынын ролун жана жоопкерчилигин күчөтүү жөнүндө 11-пунктту алып салууну сунуш кылабыз. Бул пункт эч кандай маанилик жүктү көтөрбөйт. Себеби мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрүн, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларды жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын бир категорияга бириктирип, алардын ортосунда бөлүштүрүлгөн ыйгарым укуктарды эсепке албайт.

“Өлкөнүн экономикасын туруктуу өнүктүрүүнү камсыз кылуу максатында мамлекеттик финансыны натыйжалуу жөнгө салуу боюнча мыйзам чыгаруу базасын өркүндөтүү” аттуу II бөлүмдөгү 7-пунктка “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана ЖӨБ органдары ортосундагы бюджет аралык диалогду ЖӨБ органдарынын бирикмелеринин (союзу, ассоциациялары) атынан акыркылары жүргүзөт” деген редакциялык өзгөртүүнү киргизүүнү сунуш кылабыз.

“Кыргыз Республикасындагы бюджет аралык мамилелерди өнүктүрүү” аттуу IV бөлүмдө теңдештирүүчү трансферттерди эсептөөнүн методикасын жана формуласын кайра карап чыгуу тууралуу жобону сунуш кылабыз. Муну менен жергиликтүү бюджеттердин чыгашаларын минималдуу мамлекеттик социалдык стандарттарга шайкеш каржылоону камсыз кылса болот. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясына кирген маселелерди чечүү үчүн алардын финансылык мүмкүнчүлүктөрүн теңдештирүү максатында бул пунктту “трансферттер тууралуу маалыматка жеткиликтүүлүктү камсыз кылып, автоматташтыруу жолу менен трансферттердин ачык-айкындуулугун жогорулатуу” деген сөз менен толуктоону сунуш кылабыз.

“КР ЖӨБ Союзу” ЮЖБнын директору
**АЛМАНБЕТОВ Ө. Б.**
ӨСИнин башкаруу төрайымы **ДОБРЕЦОВА Н. Н.**

# ШВЕЙЦАРИЯЛЫК ДОЛБООР Ысык-Көл жана Жалал-Абад облусундагы муниципалитеттерге ЖАРДАМ БЕРДИ




Коронавирус илдетинен улам өлкөдө түзүлгөн кырдаалга байланыштуу Швейцариянын «Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу» долбоору Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы долбоордун 15 муниципалитетине 750 000 сом финансылык каражат бөлүп берди.

Мындай финансылык жардам аталган муниципалитеттердеги муктаж болгон үй-бүлөлөрдү, аярлуу топторду, анын ичинде COVID-19 пандемиясынын кесепетинен киреше булагын жоготкон адамдарды негизги азык-түлүк жана гигиеналык буюмдар менен камсыздоого багытталды.

“Тилекке каршы, COVID-19 пандемиясы миңдеген адамдарга коркунуч туудурду, айрыкча азыр аярлуу топторго, көп балалуу үй-бүлөлөргө жана киреше булактары жок калгандарга аябай кыйын болуп жатат. Ошондуктан «Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу» долбоорунун жардамы өз убагында жана керектүү болду», - деп Аксуу районунун Октябрь айыл өкмөтүнүн башчысы АКМОЛДОЕВ Бактыбек баса белгиледи.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү райондук социалдык коргоо башкармалыгы менен биргеликте жардамга муктаж үй-бүлөлөрдүн жана ошондой эле керектүү товарлардын тизмесин түзүштү. Ачык-айкындуу бөлүштүрүүнү камсыз кылуу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары айылдык ден соолук комитеттери жана башка уюмдар менен иш алып барууда.

“Биз көп балалуу үй-бүлөбүз, беш балабыз бар. Коронавирустун айынан азыр күйөөмдүн жумушу жок, ошондуктан бизге чынында эле азык-түлүк керек болчу. Бул көрсөтүлгөн жардам үчүн биз-




дин айыл өкмөтүнө, Швейцария Өкмөтүнө жана «Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу» долбooруна үй-бүлөбүздүн атынан терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз", - деди Аксуу районунун Маман айылынын тургуну Нурзат ТОЛОГОНОВА.

Белгилей кетсек, мындай оор абал менен күрөшүп жаткандардын катарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары да калк менен талыкпай иш алып баруу менен бирге, коронавирустук инфекциянын (COVID-19) андан ары жайылышынын алдын алууга багытталган иш-чараларды да жүзөгө ашырууда.

"Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоору Швейцариянын Өкмөтү тарабынан Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттиги (SDC) аркылуу каржыланат жана Хельветас Кыргызстан уюму жана Өнүктүрүү саясат институту менен биргеликте жүзөгө ашырылат.

"Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоору муниципалитеттер көрсөткөн кызматтардын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу аркылуу айыл жериндеги адамдардын жашоо шартын жакшыртууга багытталган.

**Толук маалымат алуу үчүн: Эркин АБАКИРОВ, тел.: (0772) 530980, erkin.abakirov@helvetas.org. Швейцариянын Кыргыз Республикасындагы Элчилигинин иши тууралуу толук маалымат алуу үчүн: Турсунай ЧОДУРОВА, тел.: (0770) 710054, email: tursunai.chodurova@eda.admin.ch**

***

*Швейцария өкмөтү Кыргызстан менен 1994-жылдан бери кызматташат. Ушу күнгө чейин Швейцария Кыргызстанга техникалык, каржылык жана гуманитардык жардам түрүндө 400 миллион франк (28 миллиард сом) каражат бөлгөн. Толугураак маалыматты https://www.eda.admin.ch/bishkek веб-сайты аркылуу алсаңыз болот.*

*Хельветас Кыргызстан - Швейцариянын өнүгүүгө багытталган уюму болуп саналат. Хельветас Кыргызстанда 1994-жылдын ноябрында өз ишин баштаган жана учурда ар кандай тармактарда долбоорлорду ишке ашырып келет. Биздин уюм ар дайым жергиликтүү жана эл аралык өнөктөштөр менен кызматташууну колдоого жана өнүктүрүүгө даяр. Көбүрөөк маалымат алуу үчүн биздин вебсайтка кириңиз: www.helvetas.org.*



# Пандемия шартында Латвия – Кыргызстан онлайн байланышта

Сүрөт ӨСИнин архивинен алынды, 2019-жыл




## Латвиянын ЖӨБ органдары пандемия маалында өкмөттүн күчү менен өз жарандарын кантип колдоп жана коргоп жатканын кыргызстандык кесиптештерине айтып беришти

*2020-жылдын 13-майында Швейцария өкмөтү каржылаган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги" Долбоорунун колдоосу жана КР ЖӨБ Союзунун катышуусу менен видеоконференция өттү. Анын жүрүшүндө Кыргызстандагы шаарлардын мэрлери жана айыл өкмөт башчылары Латвия муниципалитеттеринин жетекчилери менен баарлашып, өз көйгөйлөрү менен бөлүшүп, кесиптештеринин тажрыйбасы менен жакындан тааныша алышты. Азыркыдай оор кризис маалында өкмөт жергиликтүү өз алдынча башкарууга көбүрөөк ишенип, көрсөткөн колдоосу да масштабдуу болушу керектиги, муну менен жарандарды тезирээк, сапаттуу, ишенимдүү жана ийгиликтүү түрдө коргоп, колдой алаары конференциядан алынган башкы сабак болду. Кризис шарттарында Латвиянын өз алдынча башкаруусунун иш тажрыйбасында эмнелер көбүрөөк кызыгууну жаратты? Бул өлкөдөн дагы эмнелерди үйрөнүүгө болот?*

**Надежда ДОБРЕЦОВА,**
"Муниципалитет" журналынын башкы редактору

Латвиянын жана Кыргызстандын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бардык өлкөлөрдөгү башка башкаруу органдарындай эле COVID-19 пандемиясы кошо ала келген чакырыктарга туруштук берип жатышат. Пандемия шарттарында ЖӨБ органдарынын ролу өзгөчө. Себеби алар башкаруунун алдыңкы катарында турушуп, эл менен түздөн-түз иш алып барышат. Мындай оор кырдаалда жарандардын кызыкчылыктарын мүмкүн болушунча жакшы коргоо үчүн мамлекеттин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын күч-аракеттерин бириктирүү зарыл болгону айдан ачык. Кыргызстандын ЖӨБ органдарынын жетекчилерин бир топ суроолор кызыктырды: Муниципалдык кызматчылардын маянасы кантип төлөнүп жатат? Кризис маалында жардамга муктаж адамдардын саны канчалык көбөйдү? Эгерде салык каникулу жарыяланса, бюджеттин киреше бөлүгүнө кандай колдоо көрсөтүлөт? ЖӨБ органдары өкмөттөн кандай мөөнөткө зайым алса болот? Мигранттар кайтып келиштиби жана алардын маселеси кантип чечилүүдө? Туристтер келбеген шарттарда Рига абалдан кантип чыгууда? Кризис шарттарында ЖӨБ органдарына кандай ыйгарым укуктар жетишпей жатат? Өкмөт көрүп жаткан чаралар тууралуу ЖӨБ органдарын маалымдоо үчүн

**Латвиянын Өз алдынча башкаруулар ассоциациясынын төрагасы Гинтс КАМИНСКИС бул маселе боюнча премьер-министрге телефон чалганын, эки күндөн кийин эле Ассоциация пандемия маселеси боюнча өкмөттүн жабык жыйынына катышып калганын айтып берди: "Биз үчүн мамлекеттин өзгөчө кырдаалдар шарттарындагы ишин координациялоо процессине жергиликтүү өз алдынча башкарууну кайтаруу өтө маанилүү маселе эле. Мамлекет жана башкаруунун элге эң жакын бөлүгү – жергиликтүү өз алдынча башкаруу бирдиктүү организм катары иштеп кеткени өтө зарыл болчу".**

кандай каналдар колдонулду? Эпидемия ЖӨБ органдарынын, муниципалдык мекемелердин жана уюмдардын өздөрү үчүн иштин жаңы регламенттерин талап кылып жатабы?

### "Өкмөт – ЖӨБ" байланышы

Латвияда жергиликтүү өз алдынча башкаруу улуттук саясатта олуттуу ролду ойнойт. Анткен менен бул өлкөдө да өкмөт мурдагыдан тыгыз өз ара аракеттенүү зарыл болгонуна көңүл бурду. Көрсө, 2013-жылы жергиликтүү өз алдынча башкаруулар коллегиалдык мамлекеттик органдардан жана өкмөттүн өзгөчө кырдаалдар шартындагы ишине байланышкан комиссиялардан чыгарылган экен.

Латвиянын Өз алдынча башкаруулар ассоциациясынын төрагасы Гинтс КАМИНСКИС бул маселе боюнча премьер-министрге телефон чалганын, эки күндөн кийин эле Ассоциация эпидемия маселеси боюнча өкмөттүн жабык жыйынына катышып калганын айтып берди: "Биз үчүн мамлекеттин өзгөчө кырдаалдар шарттарындагы ишин координациялоо процессине жергиликтүү өз алдынча башкарууну кайтаруу өтө маанилүү маселе эле. Мамлекет жана башкаруунун элге эң жакын бөлүгү – жергиликтүү өз алдынча башкаруу бирдиктүү организм катары иштеп кеткени өтө зарыл болчу".

Латвиянын өз алдынча башкаруусу адамдар мамлекетке ишене тургандай өз ара байланыш системасын түзө алышты. Маалымат жеткирүү өзөктүк мааниге ээ – Латвиянын ар бир жашоочусу ЖӨБ органдарынан маалымат алып, ошого ишенет. Себеби айрым мамлекеттик структураларга караганда жарандардын ЖӨБ органдарына болгон ишеними салттуу түрдө жогору. Өкмөттүн чечими тууралуу маалыматты адамдарга жеткирүү процесси дайыма эле убакытты алчу. ЖӨБ органдары элге тезирээк жете алышат, аларга өзгөчө кырдаалдар шартында өзүн кандай алып жүрүү керектиги тууралуу зарыл болгон маалыматтарды жеткире алышат. Бийлик менен жарандардын ортосундагы түз, тикелей байланыш өтө маанилүү жана ЖӨБ органдары гана муну кыска убакыт ичинде камсыз кыла алышат. Латвияда ЖӨБ органдары мамлекеттик органдарга караганда кырдаалга өтө тез реакция жасашты, атүгүл кээде өкмөткө караганда катаалыраак чараларды көрүштү.

Ассоциация ЖӨБ органдарына өкмөттүк түзүмдөр менен түз байланыш каналын уюштуруп берди. Бардык ЖӨБ органдары үчүн финансы, саламаттык сактоо, бакубатчылык (биздеги Социалдык өнүктүрүү министрлиги), ички иштер министрлери менен туруктуу видеоконференцияларды өткөрүп турат. Мисалы, билим берүү министри менен конференцияга ЖӨБ органдарынын миңге жакын жетекчилери жана кызматкерлери кошулуп, түзүлгөн кырдаал, өкмөт көрүп жаткан чаралар, өнүгүүнүн келечеги тууралуу маалыматты түз алышты. Бул мындай конференцияны өткөрүүнүн биринчи тажрыйбасы болчу жана байланышка кошулгандардын 30% маалыматты көп жакшы уга албай калышты. Ушундан улам Ассоциация да, жергиликтүү өз алдынча башкаруулар да байланыш каналдарын чукул арада оңдошуп, андан кийин конференциялар үзгүлтүккө учураган жок. Өз убагында байланышка кошула албагандар үчүн Ассоциация конференцияны жазып алып, мындай талкуулардын бардык материалдарын ачык булакта сактап коёт.

ЖӨБ органдары менен видеоконференция маалында Латвиянын финансы министри жергиликтүү бюджеттер кыскарбай турганын бир нече жолу ачык жарыялаганы өтө маанилүү болду.

Ички иштер министри менен жолугушууда мыйзамдардын сакталышын кантип камсыз кылса болот, коомдо кылмыштуулуктун санын кантип азайтып, социалдык туруктуулукту кантип камсыздоого болот деген маселелер талкууланды. Латвиянын премьер-министри ошондой эле ЖӨБ Ассоциациясынын кеңешчилери жана түзүмдөрү менен жолугушуп, алар менен кризис шарттарында ЖӨБдүн ишин, кризистен кийинки жашоону да талкуулашты.

**ЖӨБ органдары менен видеоконференция маалында Латвиянын финансы министри жергиликтүү бюджеттер кыскарбай турганын бир нече жолу ачык жарыялаганы өтө маанилүү болду.**

Гинтс КАМИНСКИ мындай пикирде: "Кризис – бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу үчүн чоң мектеп, себеби күн сайын жаңы кырдаалга туш болуп, жаңы сабактарды үйрөнөбүз. Биз иштин шарттарын, институттарды, мыйзамдарды кантип



өзгөртүшүбүз керектигин ийне-жибине чейин билишибиз керек. Эгерде ЖӨБ органдарынын өздөрүндө суроолор пайда болсо, алар аны Ассоциацияга узата алышат. Ассоциацияда бул суроолордун баары жалпылаштырылып, министрликтерге берилет. Андан соң жалпылаштырылган жооптор бирикменин сайтында жарыяланат. Бул сайтта COVID-19 пандемиясы шартында ЖӨБ органдарынын иштөө маселелерине арналган атайын бөлүм бар".

Латвиянын Өз алдынча башкаруулар ассоциациясынын сайтында Латвиянын ЖӨБ органдарынын көптөгөн документтери жана кабыл алган чечимдери жайгаштырылган. Бул документтерди төмөнкү шилтеме боюнча орус тилинде да окуй аласыз: https://likumi.lv/p/ru/covid-19.

### Жер-жерлерде бизнести колдоо

Латвиянын Өз алдынча башкаруулар ассоциациясынын төрагасынын кеңешчиси Андра ФЕЛДМАНЕ буларды айтып берди: "Латвияда жергиликтүү өз алдынча башкаруулар пандемия шартында бизнестин көйгөйлөрүн көз жаздымында калтырган жок. Атүгүл өз алдынча башкаруулар адамдар жумуш орундарын жоготуп, кирешесиз калуу коркунучу бар экенин баамдап, ишкерлер колдоого өтө муктаж болгонун өкмөткө биринчилерден болуп жеткирип турушту. Өзгөчө кырдаал киргизилген алгачкы күндөрү дүрбөлөңдү болтурбай, бизнеске үмүт берип, перспективага жол көрсөтүү өтө маанилүү болчу. Өкмөт ыкчам реакция жасады – өзгөчө кырдаал жарыялангандан кийин эле эки күндөн соң иш токтоп турган маалда маянаны төлөп берүү үчүн бизнеске материалдык жардам берилери айтылды. Адегенде бул жеңилдиктер салык карызы болбогон компанияларга гана берилген. Бирок андан кийин 1000 еврого жетпеген карызы бар ишкерлердин баарына жеңилдиктер бериле баштады. Мамлекеттик бюджеттен айлык акыны кошо каржылоо айына 700 еврону түзөт жана кадимки маянанын деңгээлинен 70 пайыздан ашпайт. Жеке ишкерлер жана автордук сыйакы алган адамдар кризис маалында жөлөкпул да алышты. Бардык жөлөкпулдардан кирешe салыгы алынбайт жана социалдык чегерүүлөр болбойт. Андан кийин Мамлекеттик кирешелер кызматы (КР Мамлекеттик салык кызматынын аналогу) үч жылдын ичинде салык карыздарын төлөө боюнча салык каникулу болот деген фактыны тастыктады".

ЖӨБ органдары инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу үчүн мамлекеттик бюджеттен пайызсыз зайым ала алышат. Бул максатта бөлүнгөн каражаттардын жалпы көлөмү 150 миллион еврону түздү. Бул оңой эмес каражат курулушка, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга жана жер-жерлерде экономиканы жандандыра ала турган башка долбоорлорго жумшалмакчы. Подрядчыларды жана субподрядчыларды "тартып кете алган" курулушка артыкчылык берилет. Кризистен жапа чеккен бардык компаниялар "Алтумс" (Altums) мамлекеттик финансылык өнүктүрүү институтунан насыя кепилдиктерин жана айланма капиталга насыяларды ала алышат. Насыялардын суммасы – 15 миллион еврого чейин, ал эми төлөө мөөнөтү 25 жылга чейин болот.

ЖӨБ органдары жергиликтүү бизнести колдоо үчүн сатып алуулардын чынжырчасын уюштурушту. Бул үчүн полиция бекеттери, балдар мекемелери үчүн коргоочу каражаттарды, муктаждарга азыктүлүктөрдү жеринде сатып алышты. Өкмөт ЖӨБ органдарына мүлккө салыктын ставкасын азайтууга мүмкүнчүлүк берди. Себеби бул да жарандарга жана бизнеске оор кырдаалда жардам болот. Ошондой эле кризистик кырдаалда калган ишкана-

**Латвиянын ЖӨБ органдары өлкөнүн Социалдык министрлигинен төмөнкү маселелер боюнча методикалык жардам алып турат: Чукул кырдаалга кандай реакция жасаш керек? Кызмат көрсөтүүлөргө муктаждар менен байланышты кантип сактап туруш керек? Үй-бүлө менен сөздү кантип башташ керек? Кандай жардамды сунуш кылса болот? Үй-бүлөлүк зомбулуктун тобокелдиктерин кантип алдын алууга болот?**

ларга жана жарандарга муниципалдык менчикти жеңилдетилген шартта ижарага алууга уруксат берилди. Эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу бардык чарба субъекттерине жеңилдетилген түрдө ижараны бере алышат. Бирок коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн акы мурдагыдай эле деңгээлде сактала берет. Бул болсо коммуналдык кызматтарды көрсөткөндөрдү колдоо максатында жасалды.

**Азыр Латвиянын жергиликтүү өз алдынча башкаруусу 2020-жылдын күз мезгилинде болот деп күтүлүп жаткан пандемиянын экинчи толкунуна даярданып, акыркы эки айда кетирген каталарын кайра кайталабоо үчүн стратегияларды түзүп жатат.**

### Калктын аярлуу катмарларын колдоо

Саламаттык сактоо тармагына карата Латвиядагы ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктары ден соолукту коргоо объекттерине жана кызмат көрсөтүүлөрүнө жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу менен чектелет. Мындан улам ЖӨБ органдарына пандемия шарттарында аралыктан камсыз кылуу милдети жүктөлдү. Социалдык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө ЖӨБ органдарына кызмат көрсөтүүлөрдү уюштурууну багыттоо, мисалы кароого муктаж адамдар үчүн жардамчынын кызмат көрсөтүүлөрүн даярдоо милдети жүктөлдү.

Саламаттык сактоо министрлиги менен ЖӨБ органдары бир топ маселелерди чечип алышты: Тобокелдиктерди кантип азайтууга болот? Эпидемия маалында эмнелерди жасаса болот, ал эми эмнелерге тыюу салынган? Жашоочулар, жергиликтүү жамааттар арасында түшүндүрүү иштерин, маалымат жеткирүүнү кантип ишке ашырууга болот?

Илзе РУДЗИТЕ: “Вирустан коргоочу каражаттардын тартыштыгы көйгөйгө айланды. Биз ЖӨБ органдарына социалдык мекемелердин кызматкерлерин тесттен өткөрүп, коргоо тууралуу өтө көп маалымат берип турдук, айрым адамдар тест тапшыруу жана коргонуу талаптарына көнбөгөндүктөн ортодо пайда болгон талаш-тартыштарды чечүүгө жардам бердик.

Азыр Латвиянын жергиликтүү өз алдынча башкаруусу 2020-жылдын күз мезгилинде болот деп күтүлүп жаткан пандемиянын экинчи толкунуна даярданып, акыркы эки айда кетирген каталарын кайра кайталабоо үчүн стратегияларды түзүп жатат.

**Латвиянын региондору кризис маалында аймактык өнүгүүнү токтотушкан жок. Аралыктан чогулуп, муниципалитеттерди өнүктүрүү долбоорлорун талкуулашты. Маданий мурасты колдоо боюнча долбоорлор ишин улантууда, аралыктан иштөө форматы үчүн жарамдуу долбоорлорду уюштуруунун жаңы формалары изделип жатат.**

Бир топ адамдар жумушсуз калаарын түшүнүп турабыз. Кайсы бир мезгил аларды жөлөк пул менен кармай алабыз. Бирок колдоо көрсөтүүнүн башка чараларын ойлонушубуз керек. Мисалы, жакырчылыкты жеңүү боюнча чаралар, турак жайга субсидиялар өңдүү варианттар каралууда. Адамдарга колдоо көрсөтүү боюнча өкмөт менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзөбүз, кризистен чыгып жатканда ким кандай жоопкерчиликти өзүнө алаарын тактайбыз”.

Латвиянын Өз алдынча башкаруулар союзунун саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү (бакубатчылык) боюнча кеңешчиси Илзе РУДЗИТЕ өз алдынча башкаруулардын Латвиянын Бакубатчылык министрлиги (КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин аналогу) менен кызматташтыгы жемиштүү болгонун белгилейт. Мисалы, балалуу үй-бүлөлөргө, карыларга жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарга социалдык кызматтарды аралыктан көрсөтүүнү уюштуруу маселеси оң жагына чечилген.

Латвиянын ЖӨБ органдары өлкөнүн Социалдык министрлигинен төмөнкү маселелер боюнча методикалык жардам алып турат: Чукул кырдаалга кандай реакция жасаш керек? Кызмат көрсөтүүлөргө муктаждар менен байланышты кантип сактап туруш керек? Үй-бүлө менен сөздү кантип башташ керек? Кандай жардамды сунуш кылса болот? Үй-бүлөлүк зомбулуктун тобокелдиктерин кантип алдын алууга болот?

### Аймактын өнүгүүсү токтогон жок

Канчалык парадоксалдуу угулбасын, бирок кризис – бул жаңы долбоорлордун мезгили. Видзем аймагын пландоо боюнча төрага, Паргауя (Pārgaujas novads) муниципалитетинин төрагасы Хардис ВЕНТС кризис маалында аймак өнүгүү долбоорлоруна электрондук добуш берүү үчүн жаңы платформа даярдаганын белгиледи: “Биз аймак-

**Паргауя муниципалитетинде аралыктан окутуу шарттарында балдар үчүн акысыз тамактанууну сактап калууну чечтик – үй-бүлөлөргө талондорду таратып бердик, ал талонду көрсөтүп, жергиликтүү дүкөндөрдөн азык-түлүк алса болот. Муну менен үй-бүлөлөрдү да, жергиликтүү ишкерлерди да колдоп жатабыз.**

**Китепканаларды да жабууга туура келди. Бирок муниципалитет адамдарга китептерди аралыктан буюртма менен алып туруу мүмкүнчүлүгүн берди, китепканачылар белгиленген бир убакытта окурмандардын аты жазылган китепти китепкананын алдында таштап коюшат, жашоочулар ошол жерден алып кетишет. Мектептеги тамактануунун ордуна ата-энелерге азык-түлүк салынган баштыктар жеткирилип турду, муну менен үй-бүлөлөргө колдоо көрсөттүк. Бизнеске жана жумушчуларга колдоо көрсөтүү үчүн Ливаниде кыймылсыз мүлк үчүн салыкты, ижара акысын төлөө мөөнөтүн узарттык.**

тагы жарандардын көңүлүн өнүгүү долбоорлоруна буруута аракет кылып жатабыз, аларды долбоорлорго добуш берүүгө үндөп жатабыз. Мисалы, аймакты өнүктүрүү боюнча маданий долбоорлордун бири үчүн 12 миң адам добуш берген”.

Латвиянын региондору кризис маалында аймактык өнүгүүнү токтотушкан жок. Аралыктан чогулуп, муниципалитеттерди өнүктүрүү долбоорлорун талкуулашты. Маданий мурасты колдоо боюнча долбоорлор ишин улантууда, аралыктан иштөө форматы үчүн жарамдуу долбоорлорду уюштуруунун жаңы формалары изделип жатат.

Энергияны үнөмдөө боюнча семинарлар дээрлик күн сайын өтүүдө. Эстония менен чогуу узундугу 1600 километр болгон “Токойдогу чыйыр жол” аттуу кызыктуу долбоорду даярдадык. Бул долбоорду ийгиликтүү таанытып, эки метрдик социалдык дистанцияны бузбастан адамдарды бул маршрутту басып өтүүгө түрттүк. Бул долбоорду блогерлер аркылуу таанытуу ыкмасын таптык. “Буюртма боюнча транспорт” долбоорун ишке ашырдык. Бул да жакшы жыйынтык берүүдө. Мисалы, аймактагы 26 муниципалитеттин 12синде коронавирус менен ооруган бир да адам жок, калган аймактарда ооругандардын саны ондон ашпайт. Валмиере регионунун борбордук шаарында гана 21 адам ооруп калды.

Паргауя муниципалитетинде аралыктан окутуу шарттарында балдар үчүн акысыз тамактанууну сактап калууну чечтик – үй-бүлөлөргө талондорду таратып бердик, ал талонду көрсөтүп, жергиликтүү дүкөндөрдөн азык-түлүк алса болот. Муну менен үй-бүлөлөрдү да, жергиликтүү ишкерлерди да колдоп жатабыз.

Хардис ВЕНТС мындай деп эсептейт: “Кризис – бул күн сайын өтө ыкчам чечишибиз керек болгон көйгөйлөр. Бирок оң жактары да бар экен. Мисалы, тынч маалда кийинкиге калтырып жүргөн иштерди жасоого стимул пайда болду. Аны менен катар бардык элдик өндүрүшкө, маданий баалуулуктарга, китепканалардагы китептерге инвентаризация жүргүзүп, адамдар келбегенден пайдаланып, муниципалдык мекемелерди оңдоп чыктык”.

## Кризис маалында ЖӨБдүн мүмкүнчүлүктөрү жана көйгөйлөрү

Ливани муниципалитетинин (өнөр жай шаары жана 5 волость бар, 12 миң адам жашайт) төрагасынын орун басары Гинта КРАУКЛЕ буга чейин муниципалитетте эч ким мындай иш шарттарына туш болбогонун белгиледи: “Күн сайын буга чейин эч кабыл албаган чечимдерди кабыл алууга мажбурбуз. Адатта кеңеш алууга мүмкүнчүлүк болбой калат, жардамды кайдан сураарыбызды билбейбиз. Чечимдерди да ыкчам, координацияланган түрдө кабыл алышыбыз керек болот. Бул чечимдер креативдүү, жоопкерчиликтүү жана ийгиликтүү болууга тийиш. Ошондуктан мисалы, 9-мартта, Латвияда өзгөчө кырдаал расмий жарыланаарына үч күн калганда эле мекемелерибиздин биринде карантин чараларын киргиздик. Карантин карыкартаңдар жашаган пансионатта киргизилди. Себеби алар вирусту жуктуруп алуу тобокелдиги жогору топко киришет эмеспи”.

Мектептерди жана бала бакчаларды жаап, окуучуларды аралыктан окутууга өткөрүү оор болду. Ошол учурда Е-класс системасы кирип калганы бизге жардам болду. Бул системада ата-энелер, балдар жана мугалимдер тапшырмаларды алып, маалымат алмашып, бааларды көрө алышат.

Китепканаларды да жабууга туура келди. Бирок муниципалитет адамдарга китептерди аралыктан буюртма менен алып туруу мүмкүнчүлүгүн берди, китепканачылар белгиленген бир убакытта окурмандардын аты жазылган китепти китепкананын алдында таштап коюшат, жашоочулар ошол жерден алып кетишет. Мектептеги тамактануунун ордуна ата-энелерге азык-түлүк салынган баштыктар жеткирилип турду, муну менен үй-бүлөлөргө колдоо көрсөттүк.

**Гинта КРАУКЛЕ: “Биз дайыма ар кандай көйгөйлөргө даяр турабыз, биз даярдыксыз болбой отурганга жол бербешибиз керек. Үй-бүлөлүк зомбулуктун, арак ичимдиктеринин таасири алдында адекватсыз жүрүм-турум болушу ыктымал деген тобокелдиктерге өтө көп убакыт жана көңүл буруп жатабыз. Бул үчүн апта сайын мониторинг жүргүзүп, ушундай тобокелдиктер бар болгон үй-бүлөлөр тууралуу маалымат алмашып турабыз. Мындай үй-бүлөлөрдө кырсык болбошу үчүн өз жоопкерчилигибизди сезебиз”.**

Бизнеске жана жумушчуларга колдоо көрсөтүү үчүн Ливаниде кыймылсыз мүлк үчүн салыкты, ижара акысын төлөө мөөнөтүн узарттык.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызматкерлери күн сайын ар кандай кырдаалды моделдештирип жатышат, бул азырынча боло элек, бирок ыктымалдуулугу жогору болгон кырдаалдар. Мисалы, Карылар үйүндө вирусту жуктургандар болбогонуна карабастан, эгерде ушундай кырдаал түзүлсө, коргонуунун бардык чаралары даярдалган.




**Латвиянын Өз алдынча башкаруулар ассоциациясынын сайтында Латвиянын ЖӨБ органдарынын көптөгөн документтери жана кабыл алган чечимдери жайгаштырылган. Бул документтерди төмөнкү шилтеме боюнча орус тилинде да окуй аласыз: https://likumi.lv/p/ru/covid-19.**

Гинта КРАУКЛЕ: “Биз дайыма ар кандай көйгөйлөргө даяр турабыз, биз даярдыксыз болбой отурганга жол бербешибиз керек. Үй-бүлөлүк зомбулуктун, арак ичимдиктеринин таасири алдында адекватсыз жүрүм-турум болушу ыктымал деген тобокелдиктерге өтө көп убакыт жана көңүл буруп жатабыз. Бул үчүн апта сайын мониторинг жүргүзүп, ушундай тобокелдиктер бар болгон үй-бүлөлөр тууралуу маалымат алмашып турабыз. Мындай үй-бүлөлөрдө кырсык болбошу үчүн өз жоопкерчилигибизди сезебиз”.

Жарандар бийлик менен түз байланышууга мүмкүнчүлүгү болбой калган шарттарда муниципалитет жашоочуларга маалымат жеткирүүгө өзгөчө көңүл буруп жатат. Жарандар менен ыкчам байланыш үчүн шаардагы ар бир подъездин алдына кызматкерлердин телефону жазылган чоң плакаттарды илип чыгышты. Мунун натыйжасында адамдар көп маселелерди телефон аркылуу эле бүтүрүп алышты. Шаардын борборуна орнотулган чоң монитор актуалдуу маалыматтарды чыгарып турат, жергиликтүү гезиттер адамдарды туруктуу жана толук кабарландырып жатат, Интернетте видеоконференциялар өткөрүлүүдө. Жергиликтүү думанын (биздеги жергиликтүү кеңеш) ишин кайра карап чыгышты – мурда жыйын өтүп турса, азыр электрондук талкуу жана добуш берүү жүрүп жатат.

Кыргызстандагы ЖӨБ органдарынын жетекчилерин “Муниципалдык кызматчылардын иш шарты канчалык өзгөрдү?” деген суроо кызыктырды. Гинта айым биринчи кезекте регламенттер өзгөргөнүн билдирди: “Жашоочуларга маалымат берип, аралыктан иштеп жатабыз. Биз жашоочулар менен мэрдин байланышуусу үчүн канал түздүк, апта сайын мэр “Фейсбуктан” тургундардын суроолоруна жооп берип турат. Буга чейин Латвияда мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнү электрондук форматка өткөрүү зарылдыгы тууралуу көп эле сөз болуп келген. Кризис бизди бул багытта ыкчам иш алып барууга түрттү. Айрым ЖӨБ кызматчылар эки командага бөлүнүп алып, аралыктан иш алып барышууда”.

Гинта КРАУКЛЕ өзгөчө кырдаалда ыкчам чечим кабыл алып, финансы жагынан жардам берүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкарууга көбүрөөк укуктарды жана ыйгарым укуктарды берүү зарыл деп эсептейт. Аны менен катар мамлекет муниципалитеттерди вирустан коргонуучу каражаттар менен камсыз кылууга даяр эмес болчу. Мындан улам жергиликтүү бюджеттер күтүлбөгөн чыгымга учурады. “Дал ушул өз алдынча башкаруу эң көп жана маанилүү иштерди жасап жатат. Вирусту жайылтпоо боюнча жигердүү ишибиздин натыйжасында Латвияда коронавирустан ооругандардын саны аз. Кээде биз өзүбүздү жалгыз калгандай сезебиз. Бирок жакшы жагы – бизде ЖӨБ ассоциациясы бар, бул бирикмеден өтө көп нерсени алып жатабыз. Өзгөчө министрлер менен видеоконференциялар абдан жардам берүүдө, биз өз суроолорубузга жооп алгандыктан жалгыз болбогонубузду сезебиз”.

Бул маселеде Гинта айымды Латвиядан жана Кыргызстандан кесиптештери колдошту. Өзгөчө кырдаалда эң маанилүүсү – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине бут тоспоо, ашыкча бюрократияны азайтуу, чечим кабыл алууда көбүрөөк эркиндик берүү, ЖӨБ органдарына ишеним артуу. Эгерде бир адам ката кетирсе да, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бүтүндөй системасы жарандарын оор абалда калтырбайт. Ушундан улам Кыргызстанда жана Латвияда гана эмес, дүйнөнүн башка өлкөлөрүндө да бийликтин башка институттарына караганда жергиликтүү өз алдынча башкарууга адамдар көбүрөөк ишенишет.

**"Латвия-Кыргызстан онлайн байланышта" видеоконференциясын толугу менен төмнкү шилтеме боюнча көрсөңүз болот: https://www.youtube.com/watch?v=tLwvonh3ahk**



Designed by articular / Freepik

# Кыргыз Республикасындагы өзгөчө кырдаал жана өзгөчө абал режиминде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары тууралуу

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун юристтери даярдады

Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму коронавирус инфекциясынын (COVID-19) пандемиясын жарыялагандыгына жана Кыргыз Республикасынын аймагында коронавирус инфекциясы менен ооруган учурдун аныкталганына байланыштуу, калктын коопсуздугун камсыздоо жана Кыргыз Республикасынын аймагында калк арасындагы массалык ооруга жол бербөө боюнча ыкчам чараларды көрүү максатында, **“Жарандык коргонуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 22-мартындагы №93-б Буйругу менен Кыргыз Республикасынын аймагында өзгөчө кырдаал режими киргизилди**.

“Жарандык коргонуу жөнүндө” КР Мыйзамына ылайык, өзгөчө кырдаал – Кыргыз Республикасынын белгилүү бир аймагында адамдардын курман болуусу, адамдардын ден соолугуна же айлана-чөйрөгө зыян келүүсү, олуттуу материалдык чыгымдарга жана адамдардын жашоо шартынын бузулушуна алып келиши мүмкүн болгон же алып келген коркунучтуу табигый же техногендик кубулуштун, авариянын, катастрофанын, табигый же башка кырсыктын, заманбап кыйраткыч каражаттардын тийгизген таасирлеринин натыйжасында түзүлгөн кырдаал.

Өзгөчө кырдаалдардын классификациясына ылайык, азыркы өзгөчө кырдаал **биологиялык-социалдык мүнөздөгү** өзгөчө кырдаалга кирет (адамдардын массалык түрдөгү жугуштуу оорулары). Бул классификация КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 22-ноябрындагы №550 “Кыргыз Республикасында өзгөчө кырдаалдардын классификациясын жана аларды баалоонун критерийлерин бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген.

КР Өкмөтүнүн ушул эле буйругу менен (2020-жылдын 22-мартындагы №93-б) Кыргыз Республикасынын аймагына биологиялык-социалдык мүнөздөгү өзгөчө кырдаал режими киргизилгенде Ыкчам **аракеттердин планы** бекитилген. Бул планда тийиштүү мамлекеттик органдарга жана ЖӨБ органдарына (макулдашуу боюнча) төмөнкүдөй иш-чараларды аткаруу милдети жүктөлгөн:

- оорулуу адамдар менен байланышта болгондорду аныктоо, санитардык-дарылоо мекемелерин күзөттөөнү камсыздоо (ИИМ, ССМ, УКМК, МКК, ЖӨБО);
- карантин зоналарына кирүүгө (чыгууга) (транспорт жана жөө жүрүүчүлөр үчүн дезинфекциялоочу тосмолор менен) күнү-түнү иштеген текшерүү-өткөрмө пункттарын уюштуруу (ЖӨБӨ (макулдашуу боюнча), ИИМ, ӨКМ, Ветфитосанинспекция);
- карантин зоналарындагы калктын жашоо тиричилигин ар тараптуу камсыздоо: тамак-ашты уюштуруу, товардык-мате-

риалдык баалуулуктарды бөлүштүрүү, жүктөрдү жеткирүү ж.б. (ЖӨБӨ (макулдашуу боюнча), ӨКМ);
- тийиштүү аймактарда чукул, атайын иш-чаралардын комплексин өткөрүүнү уюштуруу (карантин, санитардык тазалоо, обсервация, эпидемологиялык иш-чаралар) (ССМ, ИИМ, ӨКМ, Ветфитосанинспекция, ЖӨБО (макулдашуу боюнча).

Аны менен катар "Жарандык коргонуу жөнүндө" КР Мыйзамынын 2-беренесине ылайык, ЖӨБ органдары Жарандык коргонуунун башкаруу органдарына кирет. Алар тынчтык жана согуш мезгилинде Жарандык коргонууну камсыз кылууга багытталган иш-чараларды жүзөгө ашырат.

Бул мыйзамдын 10-беренесине ылайык, Жарандык коргонуу жаатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:

1) Жарандык коргонуу боюнча комиссияларды түзүшөт жана алардын ишин координациялашат;
2) Жарандык коргонууну уюштуруу жана киргизүү бюнча жооптуу кызматкерлерди дайындашат;
3) өз компетенцияларынын чегинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Жарандык коргонуу жагындагы чечимдерди кабыл алышат;
4) Жарандык коргонуу пландарын даярдашат жана ише ашырышат, аларды Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашат;
5) өздөрүнө караштуу аймакта өзгөчө кырдаалдарга мониторинг жүргүзүү, божомолдоо, кырсыктардын опурталын баалоо жана алдын алуу боюнча иш-чараларды жүргүзүшөт
6) табигый кооптуу процесстердин аймактарынан жер участокторунун бөлүнүп берилишин болтурбоо максатында турак үйлөрдү, административдик жана өндүрүштүк имараттарды жана курулмаларды курууга жер участокторун бөлүү жөнүндө чечимдерди Жарандык коргонуу жагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашышат;
7) Жарандык коргонууну жүргүзүү үчүн зарыл болгон күчтөрдү жана каражаттарды даярдашат жана даярдыкта кармап турушат;
8) Жарандык коргонуу жагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен биргеликте калкты өзгөчө кырдаалдарда коргонуу жана аракеттенүү ыкмаларына үйрөтүүнү уюштурушат;
9) өзгөчө кырдаалдар коркунучунда жана өзгөчө кырдал болгондо эвакуациялык иш-чараларды жүргүзүү жөнүндө чечим кабыл алышат жана аларды ишке ашырууну уюштурушат;
10) ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын буйруктарын жана көрсөтмөлөрүн аткарууну камсыздашат;
11) Жарандык коргонуу жагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен биргеликте өзгөчө кырдаалдардын чыгуу коркунучу же чыккандыгы жөнүндө калкка өз убагында кабар берүүнү камсыздашат;
12) өздөрүнө караштуу объекттерде жана аймактарда болгон өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу боюнча чараларды көрүшөт;
13) **жергиликтүү бюджетте Жарандык коргонуу боюнча иш-чараларды жүргүзүүгө финансылык каражат караштырышат жана бөлүшөт;**
14) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде Жарандык коргонуу жагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын буйруктарын жана көрсөтмөлөрүн аткарууну камсыз кылышат.

Жарандык коргонуу жаатындагы иш-чараларды каржылоо бөлүгүндө "Жарандык коргонуу жөнүндө" КР Мыйзамынын 7, 9 жана 10-беренелеринде төмөнкүлөр каралган.

КР Өкмөтү Жарандык коргонуунун муктаждыктары үчүн мамлекеттик финансылык жана материалдык резервдерди түзүүнү камсыз кылат, ошондой эле аларды пайдалануунун тартибин аныктайт, республикалык бюджеттин эсебинен Жарандык коргонуунун кечиктирилгис иш-чараларын каржылоо маселесин чечет.

Кыргыз Республикасынын министрликтери, мамлекеттик комитеттери жана административдик ведомстволору өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана өзгөчө кырдаал мезгилинде авариялык-куткаруучу жана башка кечиктирилгис жумуштарды жүргүзүү боюнча республикалык бюджеттин жана менчик каражаттардын эсебинен каржылоону алдын ала караштырышат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар тынчтык мезгилде материалдык-техникалык, азыктүлүк, медициналык, жеке жана жамааттык коргонуу каражаттарынын запастарын түзүү жана даярдыкта кармоо үчүн жыл сайын республикалык бюджетте финансылык каражаттарды караштырышат.

"Жарандык коргонуу жөнүндө" КР Мыйзамынын 21-беренеси Жарандык коргонуу жагындагы иш-чаралар Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарына ылайык, ошондой эле КР мыйзамдары тыюу салбаган башка булактар тарабынан каржыланат деп кошумча белгилеген. Жарандык коргонуу боюнча иш-чараларды жүргүзүүгө чыгымдар **республикалык жана жергиликтүү** бюджеттердин каражаттарынын эсебинен КР Өкмөтү аныктаган тартипте төлөнөт. Жарандык коргонуу боюнча иш-чараларды каржылоо мамлекеттик органдардын, **жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттеринде жыл сайын бекитилчү бюджеттин каражаттарынын чегинде каралат.**

КР Президентинин 2020-жылдын 24-мартындагы №55, №56 жана №57 Буйруктары менен Бишкек жана Ош шаарларынын, Ноокат районунун, Кара-Суу

районунун, Жалал-Абад шаарынын, Сузак районунун аймактарында өзгөчө абал режимдери киргизилген. КР Президентинин буйруктарынын 7-пункту менен КР Саламаттык сактоо министрлигине, КР Ички иштер министрлигине, КР Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине, ошондой эле КР Куралдуу күчтөрүнүн Башкы штабына, ишке тартылган башка мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жарандардын өмүрүн жана саламаттыгын сактоодо, коопсуздугун камсыз кылууда, **ошондой эле Кыргыз Республикасынын башка аймактарына коронавирустук инфекциянын жайылышын болтурбоодо Комендантка бардык бар болгон каражаттары жана күчтөрү менен ар тараптан көмөк көрсөтүү тапшырылган.** КР Президентинин буйруктары менен бекитилген комендатуралар жөнүндө жоболордо комендатуранын ишин каржылоо КР республикалык бюджетинен жүзөгө ашырыла турганы белгиленген.

КР Бюджеттик кодексинин 23-беренесине ылайык, мамлекеттик бюджеттик резерв учурдагы бюджеттик жылда кечиктирилгис каржылоону талап кылуучу күтүлбөгөн чыгашаларды каржылоо үчүн республикалык бюджеттин курамында түзүлөт.

Мамлекеттик бюджеттик резерв төмөнкүдөй жагдайлар менен байланышкан чукул жана күтүлбөгөн зарылдыктардын учурунда пайдаланылат:

1) экономикалык шарттардын жагымсыз кескин өзгөрүүсүндө;
2) **табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалда;**
3) саясий мүнөздөгү өзгөчө кырдаалда жана аскердик абалда;
4) башка өлкөгө гуманитардык жардамды көрсөтүүдө;
5) экономиканы өнүктүрүүгө;
6) Кыргыз Республикасына болгон доолор боюнча эл аралык бейтарап соттордун (арбитраждардын) чечимдерин Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте аткарууда.

Мамлекеттик бюджеттик резервдин өлчөмү республикалык бюджет жөнүндө мыйзам менен бекитилет жана республикалык бюджеттин чыгашаларынын көлөмүнөн 2 пайыздан ашык эмести (Мамлекеттик бюджеттик резервди эске албаганда) түзөт. Мамлекеттик бюджеттик резервди пайдалануу Жогорку Кеңеш менен макулдашуу боюнча Өкмөт тарабынан жүзөгө ашырылат. Жогоруда көрсөтүлгөн максаттарга пайдаланылбаган учурда бул каражаттар бюджеттин тартыштыгын кыскартууга багытталат.

Кыргыз Республикасынын аймагына өзгөчө же аскердик абалды киргизүүдө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджеттик резервинин каражаттары жетишсиз болгон учурда КР Бюджеттик кодексинин 15-беренесине ылайык, бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актыга өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен Өзгөчө бюджет кабыл алынат. Өзгөчө же аскердик абалды киргизүү менен байланышкан иш-чараларды максаттуу финанасылоо үчүн Өкмөт тарабынан киргизилген өзгөчө бюджет Жогорку Кеңеш тарабынан кезексиз тартипте жөнөкөйлөштүрүлгөн жол-жобо боюнча каралат жана бекитилет.

Мындан тышкары, КР Финансы министрлигинин буйругу (2018-жылдын 19-ноябрындагы №122-Б, 2019-жылдын 28-августундагы №91-Б, 2019-жылдын 5-сентябрындагы №99-Б, 2019-жылдын 9-декабрындагы №136-Б) менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясында жарандык коргонуу жагындагы тийиштүү бөлүмдөр жана чыгашалардын беренелери каралган.

**702 КОРГОНУУ**

**70221 Жарандык коргоо**

- жарандык коргонуу жана аны менен байланышкан кызмат көрсөтүүлөрдүн маселелерине жетекчилик; жагдайдын ар түрдүү варианттарында аракеттенүү пландарын иштеп чыгуу; жарандык уюмдар менен калкты тартып, машыгууларды өткөрүү; өзгөчө кырдаалда жана табигый кырсыктар маалында көмөк көрсөтүү.
- жарандык коргонуунун күчтөрүн башкаруу же аларга колдоо көрсөтүү.

**70222 Өзгөчө кырдаалдар**

- ар кандай өзгөчө кырдаалдарда жана аны менен байланышкан кызмат көрсөтүүлөрдүн маселелерине жетекчилик; ар түрдүү аракеттенүү пландарын иштеп чыгуу жана аларга тез арада колдоо көрсөтүү; жарандык коргоо жана өзгөчө кырдаалдар боюнча башка иш-чараларды башкаруу жана колдоо;
- Табигый кырсыктардын алдын алуу жана жоюу боюнча түзүлүштөрдү жана жарандык коргонуу түзүлүштөрүн башкаруу же аларга колдоо көрсөтүү;
- өзгөчө жагдайлардын келип чыгуу тобокелдигин мүмкүн болушунча азайтууга багытталган жана өз убагында өткөрүлгөн комплекстүү иш-чараларды башкаруу, адамдардын өмүрүн жана ден соолугун сактоо, келип чыккан зыяндардын өлчөмүн азайтуу боюнча маселелерге инвестициялык долбоорлордун алкагында жетекчилик кылуу. Төмөндөгүлөрдү камтыйт: Жээктерди бекемдөө боюнча кыйла бышык курулмаларды куруудан тартып, аймактарды социалдык-экономикалык өнүктүрүүнү пландаштырууда мамлекеттик бийлик органдарын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын, ишканалар менен уюмдарды, жарандык калкты тартуу менен табигый кырсыктардын тобокелине баа берүүнүн стандарттуу ыкмаларын иштеп чыгуу.

**70223 Жарандык коргоонуу жана өзгөчө жагдайлар боюнча башка иш-чаралар**

- өзгөчө кырдаалдар жана жарандык коргонуу боюнча иш-чараларды башкаруу боюнча ма-

селелерге жетекчилик кылуу, кырдаалдын ар кандай варианттарында аракеттердин пландарын иштеп чыгуу; жарандык калкты коргоо боюнча иш-чараларды башкаруу.

- өзгөчө кырдаалдар боюнча иш-чараларды өткөрүүдө кызмат көрсөтүү боюнча кызматтарды жана бөлүмдөрдү башкаруу; жарандык калкты коргоо боюнча иш-чараларды башкаруу.

# Өзгөчө кырдаалдар шартында Кыргыз Республикасынын аймагында коронавирус илдетин (COVID-19) алдын алууга жана андан ары жайылышын болтурбоого, илдет менен күрөшүүгө байланышкан мамлекеттик сатып алууларды өткөрүү жөнүндө

2020-жылдын 23-мартында КР Финансы министрлиги "Өзгөчө кырдаалдар шартында Кыргыз Республикасынын аймагында коронавирус илдетин (COVID-19) алдын алууга жана андан ары жайылышын болтурбоого, илдет менен күрөшүүгө байланышкан мамлекеттик сатып алууларды өткөрүүдө иш-аракеттердин механизмин" даярдап, аны http://zakupki.gov.kg порталына жайгаштырды.

Аталган Механизмде "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" КР Мыйзамынын 21-беренесинин 4-бөлүгүнүн 6-пунктуна ылайык, сатып алуучу уюм токтоосуз калыбына келтирүүнү талап кылуучу форс-мажордук жагдайлардын, өзгөчө кырдаалдардын (өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин локалдаштыруу жана (же) жоюу), тез медициналык кийлигишүү зарыл болгон авариянын кесепеттерин локалдаштыруу үчүн товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алган учурларда түздөн-түз келишим түзүү усулу аркылуу сатып алууларды өз алдынча жүргүзүүгө укуктуу.

Аны менен катар "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" КР Мыйзамынын 21-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, түздөн-түз келишим түзүү усулу менен сатып алуулар - сатып алуучу уюм веб-порталга же веб-порталдагы электрондук каталогго келип түшкөн табыштамалардын (сунуштардын) ортосунда бааларга мониторинг жүргүзгөндөн кийин сатып алуулар жөнүндө келишимге кол коюлуп турган мамлекеттик сатып алуулардын жол-жобосу.

Ошондуктан Кыргыз Республикасынын аймагында коронавирус илдетин (COVID-19) алдын алууга жана андан ары жайылышын болтурбоого, илдет менен күрөшүүгө байланышкан товарлар, жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик сатып алууларды өткөрүүдө иш-аракеттердин төмөнкүдөй механизмин колдонуу сунушталат:

**1-кадам:** Сатып алуучу уюмдун жетекчиси буйрук менен комиссия түзөт жана/же сатып алууларды өткөрүү үчүн жооптуу бөлүмдү аныктайт;

**2-кадам:** Комиссия жана/же жооптуу бөлүм сатып алуулардын предметин, жеткирүүнү же кызмат көрсөтүүнүн көлөмүн жана шарттарын аныктайт, сатып алуулар предметинин кенен сүрөттөлүшүн, сатып алынып жаткан товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн техникалык, сапаттык мүнөздөмөлөрүн даярдайт;

**3-кадам:** Бааларга мониторинг жүргүзөт[1], сунуш кылган бааны, жеткирүүнүн сапатын жана шарттарын эсепке алуу менен жеткирүүчү (подрядчы) аныкталат;

**4-кадам:** Сатып алуучу уюм "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 32-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, товарларды жеткирүүгө, кызмат көрсөтүүгө жана жумуштарды аткарууга жеткирүүчү (подрядчы) менен келишим түзөт;

**5-кадам:** Келишим түзүлгөндөн кийин эки жумушчу күндөн кечиктирбестен, сатып алуучу уюм сатып алуулардын жыйынтыгы тууралуу маалыматты веб-порталга жайгаштырат, анда мамлекеттик сатып алуулардын жылдык планына өзгөртүүлөрдү киргизет.

[1] Сатып алынып жаткан товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларына мониторинг жүргүзүү үчүн сатып алуучу уюм товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн базар баасы тууралуу жалпыга жеткиликтүү маалыматты, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирген подрядчыдан товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн баасы тууралуу суратып алынган маалыматты колдоно алат.Сатып алынып жаткан товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларына мониторинг жүргүзүү үчүн КР Улуттук статистика комитетинин расмий сайтында (www.stat.kg) жана КР Өкмөтүнө караштуу Монополияны жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин расмий сайтында (www.antimonopolia.gov.kg) жарыяланган маалыматтарды колдонсо болот.

# Аламүдүн айылдык аймагы калктын бош убактысын уюштуруу боюнча жашоочулардын демилгесин КОЛДОП, КАРЖЫЛАП БЕРДИ




***Гуляим ШАМШИДИНОВА,***
ЭУЖӨБОЖ Долбоорунун мыкты практика боюнча адиси

**Жергиликтүү демилге – бул бир же бир нече жергиликтүү маанидеги маселени чечүүгө багытталган, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү, алардын бирикмелери, башка жеке жана юридикалык жактар демилге катары көтөрүп чыккан долбоор, идея жана башка демилгелер.**

**ЖД жөнүндө Жободон**

***Кыргызстандагы жергиликтүү жамааттар дайыма жигердүү болушчу, коомдук иштерден калчу эмес, айылдагы жана шаардагы турмуш шарттарын жакшыртуу чөйрөсүндө көп иштерди биргелешип жасап келишти. Мындай жигердүүлүк түрдүү формаларда билинчү, алардын ичинен эң байыркысы жана белгилүүсү – ашар. Донорлор каржылаган инфраструктуралык долбоорлорду жарандар кошо каржылаган учурлар да аз эмес. Жарандар жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн айыл өкмөтү жана мэриялар менен биригип, иш-чараларга, ишембиликтерге, майрамдарга катышып келишет. Адамдар жергиликтүү өз алдынча башкаруудан көп нерсени талап кылган, бирок ошол эле учурда көп нерсени өз алдынча жасоого даяр болушчу. Анткен менен жакынкы убакытка чейин ЖӨБ органдары тарабынан жарандардын демилгелерин каржылоо мүмкүнчүлүгү көп деле эмес болчу. Себеби мындай өз ара байланышты мыйзамдардын алкагында ишке ашыруу оор эле. Акыры бул маселе 2019-жылдын сентябрь айында чечилди. КР Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар иши жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин (мындан ары – ЖӨБЭММА) Буйругу менен "ЖӨБ органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандап алуунун жана каржылоонун тартиби жөнүндө" Типтүү жобо (мындан ары – ЖД жөнүндө Жобо) бекитилген. 2019-жылдын этегинде ЖД жөнүндө Жобо Ош, Нарын жана Чүй облустарынын бир катар муниципалитеттеринде сыноо түрүндө ишке киргизиле баштаган.***

***Үч облустагы 10 максаттуу жана 5 максаттуу болбогон ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү жамааттардын өкүлдөрү алдын-ала окуудан өтүштү. Окуу "Жергиликтүү демилге – жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү бюджеттин каражаттарын башкаруунун жана жергиликтүү жамааттын реалдуу катышуусунун активдүүлүгүн жогорулатуунун аспабы" деген темада өттү. Окууга Чүй облусунун Аламүдүн айылдык аймагынын өкүлдөрү – айыл башчысы жана айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, айылдык кеңештин депутаттары жана жергиликтүү жамааттын лидерлери катышты. Алар Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү демилгенин укуктук негиздери менен таанышып чыгышты. Катышуучулар ЖӨБ органдары жергиликтүү демилгелерди колдоп берген эл аралык жана Кыргызстандагы тажрыйбаны үйрөнүштү. Ошондой эле алар ЖД жөнүндө Жобону киргизүүнүн жол-жоболору менен таанышып, соңунда ЖД жөнүндө Жобону киргизүү боюнча иш планын даярдап чыгышты.***

## Жергиликтүү демилгени уюштуруу

Аламүдүн айылдык аймагынын өкүлдөрү өз муниципалитетинде Жобону киргизүү идеясын колго алышты. Себеби үйлөрүнө кайткандан кийин ЖӨБ органынын мүмкүнчүлүктөрүн талдап чыгып, "Жергиликтүү демилгени ишке ашыруу үчүн жергиликтүү бюджетте каражат барбы?" деген суроого жооп издешти. Бюджетте каражат жетиштүү болчу, ошондуктан ЖӨБ органынын жетекчилери кызматкерлерине Аламүдүн айылдык аймагында ЖД жөнүндө Жобону киргизүүгө уруксат беришти.

ЖД жөнүндө Жобо бир нече баскыч менен ишке ашты: адегенде айыл өкмөтү Аламүдүн айылдык аймагынын ЖД жөнүндө Жобосун киргизүүнүн кенен планын даярдап алды. Андан кийин Жобону айылдык кеңештин кароосуна жиберди. 2019-жылдын 11-ноябрында айылдык кеңеш токтом менен "Аламүдүн ЖӨБ органы тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандап алуунун жана каржылоонун тартиби жөнүндө" Жобону бекитти. Бул документтин негизги максаты – жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүн КР мыйзамдарында белгиленген жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жигердүү катыштыруу максатында демилгелерди колдоо.

Кийинки баскычы – учурдагы кырдаалга анализ жасап, жергиликтүү маанидеги маселелерди аныктап алып, ошолорго жараша жергиликтүү демилгелерге сынак жарыялоо. Анализдин жыйынтыгында төмөнкүдөй багыттар аныкталган:

- элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүп берүү;
- бош убакытты уюштуруу үчүн шарттарды түзүп берүү;
- дене тарбиясын жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү.

Андан кийин ЖӨБ органы каржылоонун көлөмүн аныктады: жергиликтүү демилгени тандап алуу максатында сынак өткөрүү үчүн жергиликтүү бюджеттен 78 миң сом бөлүндү.

Сынакты уюштуруп, өткөрүү үчүн айыл өкмөт башчынын буйругу менен беш адамдан турган





конкурстук комиссия түзүлдү. Комиссиянын курамына айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, айылдык кеңештин депутаттары жана жергиликтүү жамааттын өкүлү кирди. Конкурстук комиссия жергиликтүү демилгелерди каржылоо үчүн сынак өтөөрү тууралуу жарыяны даярдап, айыл өкмөтүнүн расмий сайтына, айылдык аймактагы маалымат такталарына жайгаштырып, старосталарга жана жергиликтүү активисттерге таратып берип, эл арасында түшүндүрүү иштерин жүргүздү. Өтүнмө 2019-жылдын 3-декабрынан 16-декабрына чейин берилиши керек болчу. Комиссиянын мүчөлөрү конкурстук өтүнмөлөрдү кабыл алып, катышуучуларды каттоодон өткөрдү.

Сынакка үч өтүнмө түшүп, комиссия долбоордук сунуштарга баа берип, конкурстун жыйынтыгын чыгарды. Комиссиянын мүчөлөрү сынактын жеңүүчүлөрүн протокол менен бекитип, айыл өкмөт башчысы 2019-жылдын 17-декабрындагы буйругу менен конкурстун жыйынтыгын бекитти. Бардык документтер – конкурстук комиссиянын протоколу, айыл өкмөтүнүн буйругу жана женүүчүлөрдүн тизмеси айыл өкмөтүнүн сайтына жана маалымат такталарына жайгаштырылды.

Төмөнкү демилгелер конкурстун жеңүүчүлөрү деп табылды:

- “Жаңы жылдык иш-чараларды уюштуруу”, лидерлери: Тамара ИСАКУНОВА жана Айнура МОЛДОЖАПАРОВА;
- “Маданий иш-чараларды уюштуруу”, лидери: Наталья БУБУНОВА.

ЖӨБ органы конкурстун жеңүүчүлөрү менен макулдашуу түздү. Жергиликтүү демилгени ишке ашыруу тууралуу макулдашууда анын аткаруучуларынын жана ЖӨБ органынын укуктары жана милдеттери көрсөтүлгөн. Ал эми Техникалык тапшырмаларда демилгелерди каржылоонун максаты жана планы кенен баяндалган.

### “Жаңы жылдык иш-чараларды уюштуруу” жергиликтүү демилгеси

“Жаңы жылдык иш-чараларды уюштуруу” аттуу жергиликтүү демилге үчүн ЖӨБ органы 39 миң сом бөлүп берген. Бул демилгенин лидерлери – Тамара ИСАКУНОВА жана Айнура МОЛДОЖАПАРОВА 20 адамдан (6 эркек жана 14 аял) турган санаалаштардын башын бириктирди. Бул командага 36 жаштан 75 жашка чейинки курактагы музыканттар жана айылдагы таланттуу жашоочулар кошулган. Топтун уюткусун жамааттагы кадыр-барктуу аялдар түздү. Алар чү дегенде эле “Тумар” деп аталган топту түзүп, жаңы жылдык майрамды өткөрүү сценарийин чогуу даярдап чыгышты. Жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн акчадан тышкары жергиликтүү ишкерлер кошумча салым катары 40 миң сомго жакын акча беришти. Бул жардамдын жарымы акчалай, жарымы товар түрүндө берилди. Мисалы, ишкерлердин бири улуттук кийимдерди тигип берди. Жергиликтүү демилгенин айрым катышуучулары өз чөнтөгүнөн акча чыгарып, жомоктогу каармандардын костюмдарын ижарага алышты.



Калкты көбүрөөк тартуу максатында транспорт (“Портер” үлгүсүндөгү унаа) уюштурулуп, ал жаңы жылдык куттуктоо жазылган баннер менен коозддолду. Бул машине Аламүдүн айылынын көчөлөрүн кыдырып, активисттер үн күчөткүчтүн жардамы менен элеттиктерди майрамга чакырышты. Ошентип, алдын-ала түзүлгөн графиктин негизинде 2019-жылдын 26-декабрынан 30-декабрына чейин эки айылдын ар кайсы көчөлөрүндө майрам өттү. Активисттер жомоктогу каармандардын ролун аткарып, жети оюн коюп, ырдап, бийлеп, жаңы жылдык белектерди таратып чыгышты. Майрамга 1650 адам, анын ичинде 360 эркек, 690 аял жана 600 бала катышты.

Тамара ИСАКУНОВА буларды айтып берди: “Жергиликтүү демилгелер сынагына катышуу абдан жакты. Биринчиден, биз көчө шартында эл менен иш алып барганды үйрөндүк. “Тумар” тобунунун катышуучулары беш күндүн ичинде түрдүү курактагы адамдар чогулган ар бир көчөнү жана кварталды кыдырып чыгып, аларды театралдаштырылган оюндарга жана майрамдык концерттерге тарттык. Адамдар көздүн жоосун алган улуттук кийимдерди жана элечектерди, жомоктордогу каармандарды, театралдаштырылган оюндарды жана концертти көпкө чейин айтып жүрүштү. Иш-чарага катышкан ар бир адамдын жүрөгүндө из калтырып, баарынын маанайын көтөрүп, чыныгы майрамдын элесин жеткире алдык деп ойлойм. Адамдар көр тириликти унутуп, бир саамга болсо да совет доорундагыдай майрамдык маанайды эстешти. Ал маалда маданий иш-чаралар көчөлөрдө масштабдуу өтүп турчу эмес беле. Бизди өзгөчө балдар эстеп калды окшойт. Алар биз койгон оюндарды чоң кызыгуу менен көрүп отурушту. Балдар үчүн бул эсте калаарлык окуя жана чоң ачылыш болду. Себеби алар биздин айылда биринчи жолу ушундай чыныгы майрамдык шоуну көрүштү. Бул майрамда жаш-кары дебей, баары көңүлдүү убакыт өткөрө алышты, күнүмдүк жашоого көрк кошулгандай болду. Ата-энелер толкунданып, бул майрам балдарды бир сыйра сергиткенин айтып жатышты. Себеби акыркы учурда балдар телефондон көзүн албай, башка эч нерсеге кызыкпай калган эле. Элеттиктердин көбү азыркы учурда дал ушундай иш-чараларды мүмкүн болушунча көбүрөөк өткөрүп туруш керектигин, ага балдарды жана ата-энелерди тартуу зарылдыгын белгилешти. Анткени мындай иш-чаралар түрдүү улуттардагы адамдардын башын бириктирип, ынтымагын бекемдеп, ар кайсы элдин маданиятын тааныта алат. Экинчиден, мындай иш-чараларды өткөрүү менен биз элибиздин каада-салттарын көрсөтө алдык. Бул болсо өсүп келаткан муунду тарбиялоого, туура жолго багыттоого жардам берет. Азыркы учурда жаштар улуттук маданиятыбызды унутуп баратпайбы. Үчүнчүдөн, жергиликтүү демилгелер конкурсуна катышуу биздин топко өзүн реалдуу иште көрсөтүүгө, көптөгөн адамдардан жылуу сөздөрдү, ыраазычылыкты угууга шарт түздү. Биздин топко ЖӨБ органы да ыраазы болуп, колдоо көрсөтүп турду. Ошол себептен биз Нооруздуу майрамдоо боюнча жергиликтүү










демилгелердин кийинки сынагына да катышууну пландап, атүгүл даярданып, чоң пландарды түзө баштаганбыз. Бул майрамды да өзгөчө белгилейин деген ниетибиз бар болчу. Бирок, тилекке каршы, карантиндин айынан азырынча бул идеядан баш тартууга мажбур болдук. Эң негизгиси – биз элди ойгото алдык. Эми алар бизден жаңы иш-чараларды күтүп жатышат”.

## “Маданий иш-чараларды уюштуруу” аттуу жергиликтүү демилге

Демилгенин лидери Наталья Алексеевна БУБНОВА 64 жашта, ал Аламүдүн айылынын квартал башчысы. БУБНОВА жергиликтүү демилгенин жыйынтыктары тууралуу кенен айтып берди. Конкурс тууралуу маалыматты Наталья Алексеевна алгач айыл өкмөтүнүн сайтынан окуп, андан кийин мектеп директорунан жана айылдык кеңештин депутатынан уккан экен. Конкурстун шарттары менен таанышып чыгаары менен, ага катышууга ашыккан. Анын үстүнө Наталья Алексеевна маданият чөйрөсүндө мол тажрыйба топтой алган. СССР маалында эле ал райондун маданият секторунун башчысы болуп иштечү. Ушул күнгө чейин бул чөйрөдө жигердүү иштеп келатат: Наталья Алексеевна актердук чеберчилик жана вокал боюнча курстарды өтүп, ири маданий-массалык иш-чараларды уюштуруу менен алектенип жүрөт. Болгондо да бул иштерди өз демилгеси менен, акы албай жасайт.

Наталья Алексеевнанын айтымында, ЭҮЖӨБОЖ Долбоору уюштурган жергиликтүү демилге боюнча тренинг биротоло чечим кабыл алууга жардам берген. Демилгени өз колуна алып, Наталья Алексеевна санаалаштарын жана кесиптештерин чогултту. Демилгеге жети адам кошулду, алардын арасында кварталдык комитеттердин мүчөлөрү, мектеп директору жана айылдык кеңештин депутаты бар. Баары чогулуп, конкурстун шарттарын талкуулап алгандан кийин катышууну чечишти. Алар өтүнмөнү толтуруп, пландалып жаткан бардык иш-чараларды жана чыгымдын сметасын жазып чыгышты. “Маданий иш-чараларды уюштуруу” деп аталган демилге сынактан утуп алганы абдан жакшы кабар болду. ЖӨБ органы бул демилгени ишке ашыруу үчүн жергиликтүү бюджеттен 39 миң сом бөлүп берди. Мындан тышкары техникалык жардам катары ЭҮЖӨБОЖ Долбоору 27 миң сом көлөмүндө грант берди.

**Адамдар мурдагыга караганда жигердүү болуп, “ойгоно” баштаганы, кооз, таза көчөлөрдү жана парктарды көргүсү келип жатканы, маданият менен спортту өнүктүрүп, айылда жакшы жашоо үчүн шарт түзүүгө умтулганы абдан кубандырат. Ошондуктан жергиликтүү демилге да өнүгө баштады. Бул үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу “мотор” болуп, элдин демилгесин ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берүүдө.**

Демилгени ишке ашыруу 14 адамдан турган топту түзүүдөн башталды. Бул топко улуулар гана эмес, түрдүү курактагы балдар, аниматорлор жана концерттик топ да кирди. “Бул конкурс масштабдуулугу менен баарын кызыктырды. Бирок ошол эле маалда мындан ары да бардык маданий иш-чараларды сапаттуу деңгээлде өткөрүп туруу үчүн зарыл болгон жабдууларды, кийим-кечелерди сатып алууга шарт түзүлдү. Ушунусу менен да конкурс бизди кызыктырганын жашырбайм. Мындай мүмкүнчүлүк биздин кийинки демилгелерибизге оң таасирин тийгизип, ишибиздин туруктуу болушун камсыз кылат эмеспи”, - деди Наталья Алексеевна.

Бөлүнгөн акчага эки музыкалык колонка, микрофондор, төрт карнавалдык костюм, чоң бенгал шамдары, фейерверктер, тарсылдактар сатып алынып, жарнама даярдап, аз камсыз болгон үй-бүлөлөр үчүн 100 белек сатып алып, кварталчылар аркылуу таратып чыктык. Ижарага алган кичи автобусту “Жаңы жылдык каттам” катары кооздодук. Аниматорлор жана концерттик топ көчөлөрдү кыдырып, майрам уюштурушту. 2019-жылдын 26-декабрынан 28-декабрына чейин Аламүдүн жана Садовое айылдарынын булуң-бурчунда беш театралдаштырылган оюн коюлду. Бул иш-чараларда элеттиктер ырдап, бийлеп, балдарга таттуу таратып бердик. Үч иш-чара имараттын ичинде, ал эми экөө Садовое айылынын көчөлөрүндө өттү. Көчөдөгү иш-чаралар кечинде өткөндүктөн салюттар жана фейерверктер менен коштолуп, жаш-кары дебей, баарына майрамдык маанай тартууладык. Элеттиктер абдан кубанышты. Иш-чараларга 800 адам, анын ичинде 210 эркек, 295 аял жана 2 жаштан 15 жашка чейинки курактагы 300гө жакын бала катышты.

Бул иш-чаралар жагымдуу, эстен чыккыс болду. Катышуучулар ыраазы болуп, уюштуруучуларды алкап, алар кубаныч, бакыт тартуулаганын айтып жатышты. Көптөр бул майрам динине жана улутуна карабай, бардык элеттиктердин башын бириктиргенин айтышты. Адамдар “Мындан ары да майрамдар ушинтип өтүп турабы?” деп сурап, аниматорлорду туулган күндөрдү өткөрүүгө чакырып жатышты. Иш-чаранын уюштурууучулары да чоң ырахат алышты. Аниматорлор, концерттик топтун мүчөлөрү, артист балдар толкунданып, болгон күч-аракетин жумшап, иш-чараны жогорку деңгээлде өткөрүштү. Алар өз талантын көрсөткөндөн тышкары жергиликтүү демилгелер чөйрөсүндө мол тажрыйба топтой алышты.

ЖД жөнүндө Жобону ишке ашыруунун жыйынтыгы боюнча Наталья БУБНОВА мындай тыянак чыгарган: “Эми биз “жергиликтүү демилге” деген эмне экенин билип калдык. Мындай конкурсту мындан ары да уланта бериш керек. Эгерде айыл өкмөтү ушундай сынакты дагы уюштурса, жигердүү катышабыз, себеби тажрыйбалуу болуп калбадыкпы. Менимче, конкурстардын артыкчылыгы абдан көп. Биринчиден, ага жигердүү



адамдар катышат, аларды коомго пайдалуу иш жасагысы келген жаратмандар деп койсо да болот. Мындай адамдар башкаларга жарык маанай тартуулап, алар менен бактылуу көз ирмемдерди бөлүшкүсү келет. Коомдун дагы бир бөлүгү пайда алат – өзү майрамды уюштура албаса да, ага катышууну каалаган, руханий өнүгүүгө умтулган, моралдык канааттануу алгысы келгендер да аз эмес. Экинчиден, ресурс жана стимул болсо, болгон күч-аракетти жумшап, кызмат көрсөтүүнүн бардык түрлөрүн сапаттуу жеткирсе болот. Мисалы, биздин бригада өз ишин билген кесипкөй адамдардан, аниматор жана артисттерден куралып, ыкчам чогулуп, ишти уюштуруп, бир нече маданий иш-чараны өткөрүп, көп сандагы адамдардын башын бириктире алдык. Үчүнчүдөн, жергиликтүү демилге аркылуу айыл өкмөтү менен чогуу айылдын ар бир бурчунда, аянтында, кварталында социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө шарт түзүлдү.

Адамдар мурдагыга караганда жигердүү болуп, “ойгоно” баштаганы, кооз, таза көчөлөрдү жана парктарды көргүсү келип жатканы, маданият менен спортту өнүктүрүп, айылда жакшы жашоо үчүн шарт түзүүгө умтулганы абдан кубандырат. Ошондуктан жергиликтүү демилге да өнүгө баштады. Бул үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу “мотор” болуп, элдин демилгесин ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берүүдө.

Бизде чечилиши керек болгон өтө көп көйгөйлөр бар. Кварталчы катары аймакты көрктөндүрүп, балдар аянтчасында каруселдерди



жана селкинчектерди орнотуп, карылар үчүн спорт аянтчаларында машыктыргычтарды, отургучтарды орнотуп, жарыктандырып, балдар үчүн скейтбординг жасап бергим келет. Дарыянын боюнда "Жаштар аллеясын" жасагыбыз келет. Бул – элеттиктер үй-бүлөсү менен сейилдеп, эс ала турган жалгыз жер. Бул аллеяны жашылдандырып, гүлдөрдү отургузуп, тротуарын оңдоп койсо эле көркүнө чыгып калмак. Айтор, шаардагыдай сейил бак жасап койсок жакшы болоор эле. Мисалы, жакында эле кары адамдар хор түзүп, ага өздөрү да катышкысы келерин айтышты. Бул абдан сонун идея, муну сөзсүз ишке ашырыш керек".

ЖӨБ органдары өткөргөн жергиликтүү демилгелердин конкурсу биздин социалдык пландарыбызды ишке ашырууга, айылды өнүктүрүүгө, элеттиктердин турмуш шартын оңдоого жардам берип жатат. Ошол эле маалда жергиликтүү демилгелер үчүн бюджеттен акча бөлүнгөнү менен, карапайым адамдар да акчалай, же эмгек ресурсу түрүндө салым кошуп жатышат. Бирөө көчө же курулуш материалын алып келсе, башкасы чуңкурду казып берет же транспорт уюштурат. Айтор, жергиликтүү демилге – бул бир ишти чогуу жасоо. Бул процессте жергиликтүү жамаат жергиликтүү бийликтин жардамы менен аймактагы калкка пайда алып келген бир максатка умтулат.

## ЖӨБ органдары: жоопкерчиликти тең бөлүшүү жана ресурстарды натыйжалуу пайдалануу

Аламүдүн айыл өкмөтүнүн кызматкерлери да ЖД жөнүндө Жобону ишке ашыруунун натыйжасы тууралуу өз пикирлери менен бөлүшүп, оң таасирин баса белгилешти. Алар жергиликтүү демилгенин конкурсун уюштуруп, ишке ашырганды үйрөнүштү, маданият чөйрөсүндө жергиликтүү жамаат менен иштин маңызын түп-тамырынан бери өзгөрткөн Жобону даярдашты, жергиликтүү жамаат менен натыйжалуу иштегенди үйрөнүп, көчөдө масштабдуу маданий иш-чараларды жакшы уюштуруунун жолдорун табышты, бул үчүн өз ишин билген адамдарды таба алышты.

ЖД жөнүндө Жобону ишке ашыруунун алкагында сапаттуу кызмат көрсөтүү максатында ЖӨБ органы мониторинг жана баалоо тобун (БМжБТ) түздү. Бул топко беш адам мүчө болду. Топтун курамына айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, айылдык кеңештин депутаттары жана жергиликтүү жамааттын лидерлери кирди. БМжБ тобу жергиликтүү демилге ишке ашырыла баштаган күнү эле ишин кошо баштады: маданий иш-чара өтө турган үч жерде мониторинг жана баалоо жүргүздү, протоколдорду түзүп, ЖӨБ органына берди. Мониторинг көрсөткөндөй, жергиликтүү демилгелер техникалык тапшырмага шайкеш өткөрүлүп, калкка сапаттуу кызмат көрсөтүлдү.

## Жергиликтүү демилгени ишке ашыруудагы кыйынчылыктар

Аламүдүн айылдык аймагында ЖД жөнүндө Жобону сыноо түрүндө киргизүү процессинде негизги кыйынчылык – бөлүнгөн мөөнөттүн аздыгы болду. Себеби айыл өкмөтү иштин даярдык бөлүгүн кыска мөөнөттүн ичинде уюштурууга мажбур болду. Күтүлбөгөн кыйынчылыктар документтерди, анын ичинде техникалык тапшырманы даярдоо процессинде пайда болду. Себеби айыл өкмөтүндө буга чейин мындай документтерди даярдоо боюнча тажрыйбасы жок эле. Мындан тышкары жамааттан түшкөн көпчүлүк долбоордук сунуштар чабал болду, алар техникалык тапшырманын талаптарына жана шарттарына жооп берген эмес. Башка бир маселе – аткаруучулар отчет тапшырууну кечеңдетишти. Бирок механизмди киргизүүнүн сыноо режимин эске алганда бул кыйынчылыктар убактылуу мүнөзгө ээ десе болот. Келечекте тажрыйба топтолуп отуруп, бул маселе жаратпачудай.

Аймакта маданий агартуучу мекемелер дээрлик болбогону бир кыйла олуттуу маселе. Аймакта 300 орундуу бир клуб бар, ал да иштебей турат, атүгүл муниципалдык менчикте эмес. Бул клуб ремонттук-механикалык заводго таандык. Ошондуктан айрым маданий иш-чаралар такыр ыңгайсыз имаратта өтүп жатат. Өлкөдөгү эпидемиологиялык кырдаал да ЖӨБ органынын ишине түзөтүүлөрдү киргизди. Жергиликтүү демилгелердин кийинки конкурсу – Ноорузду майрамдоого арналмак. Бирок бул майрамды уюштуруу жана өткөрүү боюнча пландар үзгүлтүккө учурады. Кийинки баскыч – Аламүдүн





айыл өкмөтү жергиликтүү демилгелер конкурсунун жардамы менен социалдык жактан аярлуу үй-бүлөлөрдө өскөн балдардын жайкы эс алуусун уюштурууну пландап жатат.

### Тажрыйбаны кеңири жайылтуу

ЖД жөнүндө Жобону сыноо түрүндө киргизүүнүн жыйынтыктарын талкуулоо үчүн 2020-жылдын март айында Аламүдүн айылдык аймагынын мисалында тажрыйба алмашуу сапары уюштурулду. Ага 61 адам, анын ичинде 15 аял катышты. Тажрыйба алмашуу сапарынын негизи максаты – ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун максаттуу муниципалитеттериндеги ЖӨБ органдарына бюджеттик каражатты башкаруунун жана жергиликтүү жамаатты маселелерди чечүүгө реалдуу катыштыруунун аспабы катары жергиликтүү демилгелердин сынагын уюштурганды үйрөтүү. Тажрыйба алмашуунун жүрүшүндө ЖӨБ органдары жаңы аспаптарды колдонуп, эл менен байланышты бекемдөө практикасын өздөштүрүп, ЖД жөнүндө Жобону ишке ашыруунун жол-жоболору, менен кенен таанышып, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү жаатындагы жетишкендиктер тууралуу маалымат алышты.

Катышуучулар бир фактыга көңүл бурушту: көпчүлүк муниципалитеттер дотацияда турушат, ошондуктан жергиликтүү демилгелердин сынактарын каржылоо оор болот, бюджеттеги акча айылдын өтө маанилүү маселелерин чечүүгө араң эле жетип жатат. Мисалы, Алай районундагы Бүлөлү ААнын айыл өкмөт башчысы Бакыт АРТЫКОВ бийик тоолуу аймактар өткөрүлүп берилген, бирок төлөнбөгөн мамлекеттик ыйгарым укуктарды араң аткарып жатышканын айтты. Мындай ыйгарым укуктарга социалдык маселелер, аскердик-эсепке алуу столунун иши, пробация иш-чаралары ж.б кирет. Жергиликтүү демилгелерди толук ишке ашыруу үчүн берилген ыйгарым укуктарды тийиштүү министрликтер каржылашы керек. Ошондо гана ЖӨБ органдары жергиликтүү маселелерди гана чечпестен, демилгелерди да ишке ашыра алмак.

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчиси Бекболот БЕКИЕВдин айтымында, ЖД жөнүндө Жобо – бул башкаруу аспабы, анын жардамы менен ЖӨБ органы калкка азыркыдан да көбүрөөк жакындай алат. Себеби бул аспап ЖӨБ органына элдин демилгесин колдоп, адамдарды демилге көтөрүүгө шыктандырып, жергиликтүү өз алдынча башкарууга катыштырат. Ошондуктан ЖӨБ органы ЖД жөнүндө Жобону ишке ашыруу боюнча ишти мүмкүн болушунча күчтөндүрүүгө умтулушу керек.

Тажрыйба алмашуу сапарынын катышуучулары Аламүдүн айыл өкмөтүндө жергиликтүү демилгелер менен иштөө боюнча мыкты практика түптөлүп калганын, муну өлкөнүн булуң-бурчунда кеңири жайылтуу зарлыдыгын белгилешти. Себеби жергиликтүү жамаатты жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катыштыруунун жаңы аспабы өзүнүн натыйжалуулугун жана максатка ылайыктуулугун далилдей алды.

Катышуучулардын “Жобону ишке ашыруу Аламүдүн айылдык аймагына эмне берди?” деген суроосуна АӨ башчысы Найзабек КӨЛБАЕВ ЖӨБ органы Жобону ишке ашыруунун бардык жол-жоболорун үйрөнгөнүн белгиледи: “Мурда жамаат ЖӨБ органына ишенбей, жергиликтүү бюджет туура эмес сарпталып жатат деп шектенип, “бюджеттик акчаны кымырып алышты” деп айыптачу. ЖД жөнүндө Жобону киргизгенден кийин элеттиктер жергиликтүү бийликке карата пикирин өзгөрттү. Себеби жергиликтүү жамаатка маданий-коомдук иш-чараны өз алдынча өткөрүүгө мүмкүнчүлүк берилди. Демилгечилер калк менен иштөө канчалык кыйын болгонун жон териси менен сезишти. Иштин соңунда көп адам катышкан масштабдуу иш-чараларды уюштуруп, өткөрүү моралдык жактан кыйын болгонун, өтө көп күч-аракетти талап кыларын түшүнүштү.

Жергиликтүү демилге – бул сапаттуу кызмат көрсөтүү үчүн зарыл болгон механизм, бул – этностордун ортосундагы ынтымакты бекемдөө үчүн жергиликтүү жамаатты активдештирүү аркылуу жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн жаңы формаларынын бири. Бул маселе Аламүдүн аймагы үчүн өзгөчө маанилүү. Себеби бизде жашаган калктын этностук курамы көп түрдүү. Биз ушундай жол менен ЖӨБ органы диалогго даяр экенин, өз ара мамилелерди түзүүдө жаңы усулдарды колдонгусу келерин, эл менен байланыш түзүүнүн башка деңгээлине өтүүгө даяр болгонун көрсөтүүгө аракет кылып жатабыз.

Мындан тышкары биз жергиликтүү бюджеттин каражатын натыйжалуу пайдаландык. Көп акча сарптабастан, демилгелүү топтордун колдоосу менен көбүрөөк адамды тарта алдык. Иш-чарага 2500гө жакын адам, анын ичинде миң аял жана 900дөн ашык бала катышты. Айыл өкмөтүнүн гана күчү менен мынчалык көп сандагы адамдарды тарта алмак эмеспиз!”, - деп сөзүн жыйынтыктады айыл өкмөт башчысы Найзабек КӨЛБАЕВ.

# Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар союзу 2020-2025-жылдарга жаңы Стратегиясынын долбоорун талкуулады



***2020-жылдын 9-мартында Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзунун 2020-2025-жылдарга стратегиясынын долбоору талкууланды. Талкууну Швейцариянын Өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Хельветас менен Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" (ЖДККЖ) долбоору уюштурду.***

Дүйнөдө кеңири колдонулган мамлекеттин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен ич ара аракеттенүү механизими – алардын легитимдүү кызыкчылыктарын билдирүүчү - муниципалдык бирикмелер, Кыргыз Республикасында да колдонулат. Биздин өлкөдө муниципалитеттердин кызыкчылыктарын коргоочу болуп ЖӨБ Союзу саналат. ЖӨБ Союзунун 20 жылдан ашык тарыхы бар, ал ар кайсы жылдарда мамлекеттин ЖӨБдү өнүктүрүүдө ийгиликтүү өнөктөшү катары иштеп келген. Бул мөөнөттүн ичинде белгилүү жыйынтыктарга жетишүү болду, тактап айтканда, мыйзамдарда ЖӨБ Союзунун жана муниципалдык бирикмелердин статусу ЖӨБ органдарынын легитимдүү кызыкчылыктарын билдирүүчүсү катары бекитилди.

Азыркы учурда ЖӨБ Союзу өнөктөштөрдүн жардамы менен борбордук жана жергиликтүү деңгээлде ЖӨБ органдарынын кызыкчылыктарын толук кандуу билдирүү жана коргоо үчүн өзүнүн кудуретин күчөтүү боюнча кадамдарды жасап жатат.

Талкуунун бардык мүчөлөрүнүн аракеттери ЖӨБ Союзунун мындан ары өнүгүүсүнө жана анын ЖӨБ органдарынын толук кандуу оюн билдирүүчүсү болушуна багытталган, анткени легитимдүү, натыйжалуу иштөөчү муниципалитеттердин бирикмесинин бар болгону өлкөдө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүүсүнө багытталган аспап болуп саналат.

Бул иш-чарага ЖӨБ Союзунун дирекциясынын кызматкерлери, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин, USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" долбоорунун, Өнүктүрүү саясат институтунун, "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» долбоорунун, "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоорунун өкүлдөрү катышты.

Жолугушууда ЖӨБ Союзунун 2017-2020-жылдарга Программасынын аткарылышына жасалган анализдин жыйынтыгы каралып, учурдагы жагдайларды анализдөө жумушу аткарылды, жетишкендиктер, көйгөйлөр жана ресурстар талкууланды.

ЖӨБ Союзунун директору Ө.АЛМАНБЕТОВ келе жаткан Жалпы жыйында бекитүү максатында ЖӨБ Союзунун 2020-2025-жылдарга сапаттуу стратегия иштеп чыгуу маселеси зарыл болгонун баса белгиледи. Жаңы документ ЖӨБ Союзун өнүгүүгө үндөгөн компас болушу керек.

Талкуунун жыйынтыгы боюнча ЖӨБ Союзунун өнүгүү стратегиясына кириши керек болгон артыкчылыктуу багыттары аныкталды.



Жумушчу топ стратегиянын долбоорун толуктап чыгып, ушул жылдын жай мезгилинде талкууга чыгарууну пландап жатат.